

# Тамчы булак

• Ырлар жыйнагы

Экинчи чыгарылыш

# Тамчы булак

• Ырлар жыйнагы

НООКЕН РАЙОНДУК БОРБОРДУК
КИТЕПКАНАСЫ
Инв. № 1983.

Жалал-Абад – 2014

«Тамчы булак»
• Ырлар жыйнагы

Экинчи чыгарылышы

*Редактору*
Б. Райимбекова

## *АЛГЫ СӨЗ*

Урматтуу окурман!

Колуңуздардагы китеп районубуздагы чыгармачыл инсандардын жан дүйнөсүн жарып чыккан поэзия ыргактарынын экинчи топтому.

Ноокен райондук "Ноокен жаңырыгы" гезитинин алдында уюштурулган "Тамчы булак" адабий ийрими районубуздагы чыгармачыл инсандардын башын бириктирип, таланттардын мектеби болуп баратканына 20 жылдын жүзү болду. Бул аралыкта ыр жазууну каалаган нечендеген жаштар редакциянын каалгасын кагып кирип, ушул ийримдин мүчөсү болду. Улуу муундагы акындык өнөргө ык койгон эже-агайларынан таасир алып, алар менен чыгармачылык талкууларга, адабий кечелерге, ийри олтуруп, түз кеңешкен тегерек столдорго катышып жүрүп, бир топ жаштар такшалды. Ыр жазуунун айтып бүткүс сырларына сүңгүп кирип, бүгүнкү күндө ошол ийримдин мүчөлөрүнөн алды бештен, арты бирден 14 адам китеп чыгарып, районубуздун жалпы окурман журтуна тартуулады. Бул албетте, жалпы районубуз үчүн чоң сыймык.

Бул китептердин алгачкы башаты 1998-жылы районубуздун 70 жылдыгынын урматына чыгарылган "Тамчы булак" китеби болду десем жыңылбайм. Адабий ийримдин аты айтып тургандай "Көп тамчыса көл болот..." – деп ниет кылып, ырым кылып ийримдин атын "Тамчы булак" – деп койгон элек. Ошондуктан китептин атын да "Тамчы булак" деп атаганбыз. Ошол китепке районубуздагы улуу-кичүү таланттардан 37 адамдын ырлары киргизилген. Алардын ичинен Кыргызстан Жазуучулар союзунун мүчөсү А. Кулумбетов, Д. Шамаматов, М. Зулпиев, О. Батыров, А. Төрөжанов, К. Белеков сыяктуу залкар таланттар бул дүйнөдөн өтүп кетишти.

"Аккан арыктан суу агат" – дегендей алардын өзү өтсө да артында өлбес-өчпөс чыгармалары калып, жаштарга сабак болуп келатат. Бүгүнкү күндө алардын ордун толуктаган ондогон жаш таланттар өсүп чыкты. Бактыгүл Мамадалиеванын 4 китеби чыгып, Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар союзуна мүчө болду. Ал эми ардагер журналист С. Садыков, А. Жээнтаев, А. Абдулламитов, А. Абдурахманов, Р. Өмүрбаева, Ж. Момбеков, Э. Элбеков, Н. Абдырахма-

нов, жаш талант Тынчтыкбек Кыдыров жана башкалардын китептери окурмандарды кайдыгер калтырбайт жана алардын улам кийинки китептери чыгып, биздин районду акындардын булагына айландырат деп терең ишенем. Ал үчүн аларга ар тараптан көңүл бөлүү, аз болсо да материалдык жана моралдык колдоолор керек болуп турат.

Албетте, буга далил катары райондук гезиттин 80 жылдык юбилейинин урматына "Тамчы булак" китебинин экинчи топтомун чыгарууга ниет кылып, ушул китеп жарык көрүп турат. Бул китепке негизинен мурда ырлары китепке чыкпаган жаштардын чыгармалары кошулду. Ал эми ошол жаштарга үлгү, окуп үйрөнө турган сабак болсун деп улуу муундагы ийримдин мүчөлөрүнүн ырларынан да киргиздик. Мындан 16 жыл мурда чыккан "Тамчы булак" китебин ушул күнгө чейин ыр жандуу инсандар сурап келишет. Ал эми "Тамчы булак-2" китебин да зарыгып күтүп, издеп окуп, районубуздун ар бир үй-бүлөсүнүн китеп текчесинде турарын каалар элем.

Эмесе, "Тамчы булак" китебинин жаңы чыгарылышына кошулган авторлорго, айрыкча ысымы алгачкы жолу жазылып, ырлары киргизилген чыгармачыл инсандарга поэзиянын кыйма-чийме татаал, тетө, даңгыр жолуна койгон кадамы байсалдуу болсун! – деп тилейм.

*Бурайма РАЙИМБЕКОВА,*
*райондук "Ноокен жаңырыгы" гезитинин алдындагы*
*"Тамчы булак" адабий ийриминин жетекчиси,*
*китептин редактору.*

# Жумалы МАКСУТОВ



**Максутов Жумалы 1930-жылы Шайдан айылында туулган. Мугалимдик кесип боюнча жогорку билимге ээ болуп, балдарга татыктуу тарбия берип келди. Арада 1958 – 1962-жылдары райондук ЗАГС бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. 1965 -1969-жылдары Шайдан айылдык советине жооптуу катчы кызматын аткарган. Азыр Тоскоол-Ата айылынын кадырлуу карыясы.**

## *ЭНЕ МЭЭРИ*

Ойлоп көрсөң эрки күчтүү энени,
Ар бир үйдө күйүп турган шам чырак.
Оору-сыркоо болуп калган күнүңдө,
Өз энеңден көз жаш турат тамчылап.

Күлүп койсоң кошо күлүп жайнаган,
Эне мээри жыпар жыттуу гүлгө окшойт.
Эркелетип беттен сүйсө өзүңдү,
Жаандан кийин чарк ачылган күнгө окшойт.

Кайда болбо, кайда жүрбө ар убак,
Эне мээри бир өзүңө төгүлөт.
Жаш кезиңден мээрим төгүп өстүргөн,
Ар бир эне эң бир кымбат көрүнөт.

Элиң үчүн эрикпестен иштесең,
Ал эмгегиң түгөнбөгөн сөз болот.
Өмүр бою канча иштеп берсең да,
Эне үчүн ал эмгегиң аз болот.

## *ЖАНЫБАРЛАРДЫН КЕҢЕШИ*

*(Тамсил)*

Ызгаардуу кыш да өттү,
Аппак болуп жаткан кар да кетти.
Жадырап, жайнап жаз да жетти.
Кимдер жазга кандай камынды,
Угабыз алардан кепти.

Айбандардан эң чоң арстан,
Айттырып кабар алыстан.
Жаздын камын көрмөк болду,
Чоңултуп баарын калыстан.

Кышында тынчып жаткан,
Жаныбарлардын баары келишти,
Ызаат кылып ийилип,
Арстанга салам беришти.

Алик алды арстан,
Акырын ишти баштап.
Айбандарга мындай деди,–
Аларга карап суроо таштап:

Кана, жолдоштор!
Кышы менен уктап жаттыңар.
Мына эми жаздын камын көрсөк,
Ар бириңдин алыңа жараша ишти бөлсөк.

Кана, ким барат сууга?
Ким барат ууга?
Ким барат жайлоого?
Ким барат айдоого?

Мындай сунуш кийирди,
Араң турган ийменип,
Бурчта турган ийнелик.
"Айткан сөздө болбос ката,
Сууга барсын бака,
Айткан сөздө болбос күлкү,
Ууга барсын түлкү".

Өзү кичине, эти семиз,
Жакшы болот майлоого,
Кашкулак барсын жайлоого.
Өзү чыйрак, абдан бышык,
Кыйын экен жумушка,
Айдоого барсын кумурска.

Шыбырашты кулагына,
Арстанга барып жанашып.
Акырында бүтүмгө келишти,
Ар нерсе айтып талашып.
Ошентип ортодо,
Баарынын акыбалын көрүштү.
Айдоого кумурсканы бөлүштү.

Иштеп жатты кумурска,
Ак иштөөдөн танбады.
Тынбай иштеп жай бою,
Кышкы оокатын камдады.
Ууга кеткен, сууга кеткен,
жана башкалар.
Баары чогулуп келишти,
Кумурсканын ишин көрүштү.

Ошондо ийнелик мындай деди:
Кумурсканын бул иши,
Келтирет жандын күлкүсүн.
Эгерде кумурска кыйын болсо,
Эмне үчүн иштебейт түнкүсүн.

Ошентип, кээ бир жолдоштор,
Иштегенди каалабайт.
Башканын кылган эмгегин,
Калыстык менен баалабайт.

Кыш келгенде кычырап,
Аш-оокат издеп чыгышат.
Айрымдары ачкадан,
Өлүп калып тынышат.
Арамзалар, жалкоолор,
Кумурскадан суранып,
Курсак багып чыгышат.

## Алибек ЖЭЭНТАЕВ



**Жээнтаев Алибек ажы 1938-жылы 10-январда Ноокен айыл өкмөтүнүн Бирке айылында жарык дүйнөгө келген. Жогорку билимдүү, кесиби агроном, өмүр бою Рахманжан колхозунда ар кандай кызматтарда иштеп, ардактуу эс алууга чыккан.**

**Эки китептин автору. Насаат, тарбиялык маанидеги ырларды келдире жазат. 7 баланын, 31 неберенин атасы.**

### *БУ ДҮЙНӨДӨ КИМ КАЛАТ*

Жип, Мерседес минишип,
Кундуз телпек кийишип.
Куйрук, чучук жеп-ичип,
Кабаттап үйдү салышып.
Бирөөгө кылбай жакшылык,
Бий, бай өтөт дүйнөдөн.

Камынып иштеп тырышып,
Кара нан жеп, чай ичип.
Жыртык чапан кийишип,
Жайдак эшек минишип.
Кепедей үйдүн ичинде,
Кембагал өтөт дүйнөдөн.

Кембагалбы, бий, байбы,
Карысыбы, жашыбы.
Ажал жетип күн бүтсө,
Ак кепинге оронуп,
Акыретке кайтышат.
Азапка башы киргенде,
Аттиң!-деп анан айтышат.

Бирөөнүн жеген акысын,
Бей сурак кирет тозокко.
Күнөөсү көптү ыргытат,

Күйүп турган очокко.
Өрттөнүп, күйүп ыйлайсың,
Эч ким түшпөйт ортого.
Булардын баары айтылат,
Ким Куран китеп окуса.

Кабаттап салган там калат,
Короо-короо мал калат.
Процент берип тапкандан,
Доллар менен сом калат.
Кылыгын сага көрсөткөн,
Кара көз келин, кыз калат.
Чын дүйнөгө чыркырап,
Чымындай эле жан барат.

Ата-Журт калат, эл калат,
Асырап баккан жер калат.
Төрт түлүк мал жайылган,
Түрдүү чөп өскөн бел калат.
Асманга учу тирелген,
Ак кар баскан зоо калат.
Аллааны эстен чыгарбай,
Акырет ойлоп жүр деген,
Акындар жазган ыр калат.

Бийлик, байлык талашып,
Бардыгы өтөт дүйнөдөн,
Бу дүйнөдө ким калат?..
Беш убак окуп намазды,
Жакшылык кылсаң бирөөгө,
Бетине тутуп ал барат.
Берсең, закат, эксанды,
О дүйнөгө ал барат.
Алкымга жан келгенде,
Аллаа!-деген сөз барат.
Аталап ыйлап чуркурап,
Артыңда уул-кыз калат.

## *АТА-ЖУРТ КЕРЕК КЫРГЫЗГА*

Адамзат жашайт турмушта,
Ата-Журт керек кыргызга.
Абалтан ата-бабалар,
Ала-Тоону журт кылып.
Мурас кылып келатат,
Артында калган уул-кызга.

Ач калсаң да кыргызым,
Ата-Журтуң сатпагын.
Ажал тооруп турса да,
Ата-Журттан качпагын.
Кара ниет душмандан,
Ата-Журтту сактагын.

Ак ниеттүү жарандар,
Ата-Журтту коргойбуз.
Аракет кылып, ак иштеп,
Ата-Журтту колдойбуз.
Ата-Журтту жерисек,
Анда кыргыз оңбойбуз.

Ата-Журт үчүн кары-жаш,
Дайыма тике турабыз.
Бузулган үй-жай, короону,
Биргелешип курабыз.
Арам ой, кара ниетти,
Алдыртан аңдап турабыз.

Өткөн ата-бабадан,
Ата-Журт калган белекке.
Аракет кылып иштесек,
Ата-Журт берет береке.
Алдан тайып калганда,
Ата-Журт жарайт керекке.

Бакай, Манас атадан,
Ата-Журт калган мураска.
Артында кыргыз калкы бар,
Ата-Журт калбайт уятка.

Ата-Журтка кол салсаң,
Аттаныш кыргыз чыгат да.

Кыргыз элим жашайт деп,
Жолотпой калмак, кытайды.
Мекендеп Ала-Тоолорду,
Атабыз Манас түптөгөн.
Кыргыздын жараны эмессиң,
Ата-Журтту сүйбөгөн.

Адам болуп жарыбайт,
Ата-Журтун билбеген.
Акылы жок наадандар –
Ата-Журтту сүйбөгөн.
Ар жерде жүрүп жалданып,
Аш-оокатка алданып,
Алар да өтөт дүйнөдөн.

Ата-Журтту сактайм деп,
Азамат өттү миңдеген.
Кылымдарды карытып,
Кыргыз жок тоодо жүрбөгөн.
Боз үй тигип, бээ байлап,
Калкымдын салтын бил деген.

Ак калпак кыргыз элине,
Ата-Журт керек турбайбы?
Ата-Журтка асылсак,
Атабыз Манас, Бакайдын,
Арбактары урбайбы?
Ыркырашып урушпай,
Урпактарды сыйлайлы...

Башчылар калыс болсун деп,
Бата кылат карылар.
Биргелешип иш кылып,
Бир болгула баарыңар.
Бузулбасын, гүлдөсүн,
Бишкек борбор шаарыңар.

Кудай койгон жаратып,
Кыргыз кылып улутун.

Бириңди бириң сыйлагын,
Бириң жаш, бириң улуусуң.
Ынтымак кылып туура иштеп,
Элиңдин кылгын жумушун.

Кыргызстандык жарандар,
Ар кимдин тилин албагын.
Тукуруп жаман адамды,
Душмандык жолго барбагын.
Өзгөгө чукур камдайм деп,
Өзүң түшүп калбагын.

Эмне сепсең талаага,
Ошону оруп аласың.
Бузуку болсоң эл бузар,
Бир күнү шорлоп каласың.
Арам ой болсоң ичиңен,
Ажырап элден каласың.

Ак калпак кыргыз элимди,
Алла өзү колдосун.
Ичине кирип шыбырап,
Иш бузгандар оңбосун.
Ата-Журтта той болуп,
Ар күнү казан кайнасын.
Азамат, ишкер балдардын,
Ата-эне көрсүн пайдасын.

Абалтан бийлик талашып,
Чабышып келген кыргызым.
Аксакал түшүп ортого,
Табышып келген кыргызым.
Ач калганда бир-бирин,
Багышып келген кыргызым.
Өлкөнү бирге оңдогун,
Бийликте турган уул-кызым!

## Абдумиталип АБДУЛЛАМИТОВ



**Абдулламитов Абдумиталип Сакалды айыл өкмөтүнө караштуу Таймөнкө айылында 1940- жылы 20-февралда туулган. Өмүр бою чарбанын ар кайсыл иштеринде иштеп келген Абдумиталип аба 11 өнөрдүн ээси. Мантер, ширетүүчү, слесарь, бригадир жана башкалар.**

**Эс алууга да чыкпай, дайыма өзү менен бирге ой берметтерин терген кесиби – ыр жазуу өнөрү. Ал 14 жашында пионер лагерде өзүнүн алгачкы ырын жазып, дубал газетага чыккан. 73 жашында алгачкы ыр жыйнагын чыгарууга жетишти. Абдумиталип абанын ырлары көбүнчө Ата Мекен, ыйман, насаат темаларына багытталып, жаштарга тарбиялык таасир калтырууну көздөйт.**

### *КЕРЕМЕТТҮҮ КЫРГЫЗ ЖЕРИМ*

Кулач жайып көрк келтирип жериме,
Тоо жемиши чексиз кыргыз элиме.
Эл бактысы, жер бактысы түпсүз кенч,
Таазим этем анда түрдүү кенине.

Алма, жаңак, бадам, алча, карагат,
Жесең сергип жүрөктөн чер таралат.
Эч бир теңсиз таза аба, тунук сууң,
Асыл кенчим тоолор сенден жаралат.

Гүлдөр жайнап жыт аңкыган талаалар,
Анда ойнойт кумар канбай боз улан.
Шаңдуу күлкү, оюн –түркүн тамаша,
Кыз кылыгы табиятка жарашкан..

Эл аралап алым сабак ташталып,
Кумар каныш, ыр кесе да башталып.
Адат болсун эч арадан кетпесин,
Көргөн сайын жаным сергийт жашарып.

Колдо кымыз кылтылдаган жаныбар,
Оюн, күлкү коштогон ыр жаңыраар.
Эзелтеден белгилүүсүң кыргызым,
Шайыр күүсү, төкмө акының, ырчың бар.

Шаңшып сайрап алтын тутка байлаткан,
Ат ойнотуп түрдүү жандык карматкан.
Саяпкери бүркүттүн да кыргыз Эл,
Эске салсак унут кылып калбастан.

## *ОЙ БЕРМЕТТЕРИ*

Бактымбы, ырысымбы купуя ырым,
Жүрөктө бар сырымды айтып жазам.
Мендеги жакшы-жакшы ой- тилектер,
Жаштарга жакса экен деп үмүт артам.

Баркына жет, эй кадырдан тууган элим,
Кудай берген ырыс, кенчтүү таза жериң.
Байлык ашып, асман тиреп чоң болсоң да,
Ар убакта сыйлай билгин сүйгөн теңиң.

Гүлдөр назик, махабатты билгенге,
Көңүл назик андан дагы билгенге.
Назик гүлдөр, назик көңүл бир болуп,
Жарыктыкта жүрсө жакшы ар пенде.

Гүл ачылса көрк келтирет жер бетине,
Колго алса күлкү келет кыз бетине.
Көңүл сүйгөн белгилери жигит, кыздын,
Гүлдөн белек сунса керек өз теңине.

Сулуулук көркү сенде гүл сыяктуу,
Узун чач көрүнүшүң миң кыялдуу.
Бир сен деп, Ата-Мекен урматы деп,
Жигиттер из калтырды эң бир баалуу.

Баш ийип суранайын эгер билсең,
Адам көп эзелтеден тарых билген.
Тилде ДОС, дил кетпесин урматын кыл,
Салтыңды ата-бабаң сактап келген.

## *АДАМ АЗИЗ*

Эй адамзат бул күн, өмүр аманат,
Баркына жет Адам улук саналат.
Түрдүү түмөн ырыс, сыйлар биз үчүн,
Нускасы бир Алладан жаралат.

Адам азиз урмат, сыйын билсек биз,
Адам азиз биримдикке келсек биз.
Чачкын болбой Ата-Журтту кадырлап,
Келечекке баалуу өрнөк болсок биз.

Ойлонолу, оңдололу азиз Эл,
Бараткан жол тайгалактуу, учкан жел.
Маашырканба, Эл башчылар адашпа,
Багат бизди, алат бизди кара жер.

Азиз жана эң улук зат бул инсан аты,
Бул ааламда өзгөчө көрк, турпаты.
Ойлонуп жарыктыкта жашоо жолго,
Тандаса чындык менен акыйкатты.

Заман жакшы бир өткүн адашкандар,
Тайгак жолдо тайрактап бараткандар.
Өмүр канча унутуп көз да тойбой,
Кылган иштер бир өзүңө жарашкандай.

Бакыт нуру баалуу билген адамга,
Ойлон аны, байлык жеңип калганда.
Жөлөнүч кудурет, ишенич ал эртеңге,
Изин басар, аты калаар ар жанга.

Ойлонгун, өмүр жолу чек аралуу,
Эң кыйын аны анык билип алуу.
Жалгызбы, же жарыктык көп болсо да,
Адашпай өмүр жолун тапса баалуу.

Тили бир, дили да бир урмат, сыйлуу,
Болушуп адамзаттан адам калуу.
Ушинтип биз да өтүп, жаштар калса,
Ата-Журт, салт сактаган даңазалуу.

## ӨМҮР, ЖАШОО, АДАМЗАТ

Өмүр кымбат, өмүр жолу канимет,
Кимге канча өмүр берген ким билет.
Берген өмүр бекеринен өтүлбөй,
Умтул алга, баспай калат капилет.

Жакшы тилек, жарым байлык эски сөз,
Пайдалан деп берген Алла акыл, көз.
Ар бир тилек, ар бир кадам текке өтпөй,
Илим үйрөн, насыятым болуп өз.

Илим бул—эки дүйнө нурун берет,
Ким умтулса максатына анык жетет.
Байлык, амал баары калат артыңда,
Тапкан сооп, кут-берекең бирге кетет.

Жарыктык аз өмүрдү баалай билип,
Ыбаалуу, ынсап жолго тайбай кирип.
Мусулман аты улук эки дүйнө,
Алалдан ырыскыны жесе терип.

Жерден нан, жерден ак сүт, жерден жашоо,
Мүмкүндүк жолун берди адам затка.
Атадан апа бала пайда кылган,
Жашоонун таң калаарлык сырын кара.

Жер улук, Адам улук, Мекен улук,
Жашоо деп көз ачырган эне улук.
Эрким деп күнүмдүктү ойлоп эртең,
Ырыскың Жер энеден калба курук.

Сактайлы Мекен, жерди байлык, кенди,
Ченемсиз келечегиң жалпы элди.
Замана өөдө -ылдый, оо Адамзат,
Өткүнбүз, Мекен кылар кара жерди.

Асыл зат, акылмандар өттү көрдүк,
Биримдик фашист калкын жеңди көрдүк.
Достуктун нуру менен жашап турган,
Эл элек, жат-бегана болуп көндүк.

Алтын жер, туткасы Эл адашкандык,

Чет элге кайырчыдай башты салдык.
Элдик мүлк, саан уйлар, эсепсиз кой,
Энчим деп башаламан сатып калдык.

Кайырдын какшаал күнү эртеңи бар,
Айлакер, акылмандан кылат кабар.
Кайрадан көздү жума эл бириксе,
Алтындай бизди багар асыл жер бар.

4Х252-45

## Рысбүбү ӨМҮРБАЕВА



**Өмүрбаева Рысбүбү 1950-жылы Аксы районундагы Кара-Жыгач айылында жарык дүйнөгө келген. Кесиби боюнча медицина кызматкери. Өмүр бою саламаттыкты сактоо тармагында эмгектенип, азыр ардактуу эс алууда.**

**Районубуздун эли Р. Өмүрбаеваны медайым катары гана таанибастан жан дүйнөсүнөн поэзия ыргактары төгүлүп турган акын катары да жакшы билишет. Буга чейин 2 китеби жарык көрүп, окурмандардын калың чөйрөсүнө тараган. Үй-бүлөлүү, 5 баланын бактылуу энеси.**

### *БАЛДАРЫМА*

Жүрөк кандан жаралган данегимсиң,
Балбылдаган эки көзүм – карегимсиң.
Алла берген баасы жок белегимсиң,
Кубанычым, кубатым, тирегимсиң.

Көөдөнүмдө согуп турган жүрөгүмсүң,
Өмүрүмдү узарткан мүрөгүмсүң.
Жаркырап күйүп турган чырагымсың.
Байлыгыбыз, бакытыбыз, таалайымсың.

Мен сүйгөндөй жарыңар сүйсө экен,
Мен күйгөндөй силерге күйсө экен.
Алыс кетсең сагынып, жолуң карап,
Келгениңде жаркылдап тоссо экен.

Билгин, билгин уул-кызым билгилечи,
Аман-эсен, ден соолукта жүргүлөчү.
Ынтымакта, тоскоолдукту жеңип өтүп,
Бажырая маңдай жаркып күлгүлөчү.

## *ӨМҮР*

Өмүр гүлдөй жайнап турган кези бар,
Өмүр гүлдөп, мөмө түйгөн мезгил бар.
Өмүр дайра, толкуну, бар, сүрү бар,
Күйүп туруп жылт деп өчкөн түнү бар.

Өмүр барда Ата-Журтум кымбатсың,
Өмүр барда ата-энем улуксуң.
Өмүр барда урпактарым кубатсың,
Өмүр өтсө бизден калган туяксың.

Өмүр барда эл-журтум деп иштегин,
Асыл максат ойго жетип гүлдөгүн.
Өкүнбөстөй өмүр сүрүп баарыңар,
Ынтымакта бир болушуң тилеймин.

## *АМАН ЖҮРГҮН АТА-ЭНЕГЕ БЕЛ БОЛУП*

Бар байлыгым, бак-таалайым балдарым,
Мен силерден кубат алып жашаймын.
Ата-энеге андан өткөн бакыт жок,
Ата-апа деп сыйлап турса ар дайым.

Биз келгенде күтөсүңөр чачылып,
Караңгыда жанасыңар шам болуп.
Каш-кабактан баарын туюп турасың.
Аман-эсен жүргүлөчү бел болуп.

Силерсиңер Алла берген белегим,
Силерсиңер ордолуу шаар – турагым.
Аман жүргүн айланайын туягым,
Көзүм өтсө өмүрүмдү улаарым!

## *УРПАКТАРГА*

Өмүрдүн ашуусуна чыккан кезим,
Чачымды бубак басып калган кезим.
Урпактарым акыр бир күн окуп калаар,
Насаатың айтып кой дейт аруу сезим!

Урпактарым – силер Ата Мекенсиң,
Ошол ойлор түк эсиңден кетпесин.
Кызмат кылгын Ата-Журтка, элиңе,
Эмгегиңден өлкөм өнүп, гүлдөсүн.

Ата-Журтка аянбай кылгын эмгек,
Ата-энелер кубансын, келет кезек.
"Өмүрүм өрнөк болсун"- десең эгер,
Адал иштеп, үлгү болуп жашаш керек.

Урпактарым, эл ишеним көрсөтсө,
Ишенимди аткарууга шашылгын.
Өзгө тартып, өзгөлөр деп бөлүнбөй,
Күн нурундай тегиз тийип чачылгын.

Бийлигим бар мени коргоп турат дебе,
Эл өкүлмүн, айтканым бүт болот дебе.
Байлыгым мени сактап калат дебе,
Кыңыр ишим билинбестен өтөт дебе.

Бийлигин коргой албайт аткан менен,
Абийирди сатып албайт акча менен.
Ак иштеп элди-журтту коргосоңор,
Эл өзү коргоп алат төшү менен.

Мансабың коргоп калбайт,
Байлыгың сактап калбайт.
Эр жүрөк элин коргойт,
Кеменгер журтун даңктайт.

* * *

Акылмандын акылын уккан озот,
Баалабаган, барктабаган адам тозот

Алыскыны көрө билет акылман,
Акылдан кеп кургандар даанышман.

Даанышмандар атак-даңкка жеткирет,
Акылсыздар, адепсиздер абийиңди кетирет.

Ала-Тоону мекендеген кыргыздарым көбөйсүн,
Биримдикте, ынтымакта, өнүп-өсүп көгөрсүн!

Көк тиреген Ала-Тоого башкалар көз артпасын,
Киндик каны тамган жерден урпактарым качпасын.

Бул ааламга бир келебиз, өмүрдү бир сүрөбүз,
Өрнөк болсо өмүрүбүз, өлбөс болуп кетербиз.

## Жакыбалы МОМБЕКОВ



**Момбеков Жакыбалы Шамалды-Сай өрөөнүндө чабандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Балалык кезинин көпчүлүк убактысы жайлоолордо, тоолордо өтүп, кереметтүү кыргыз жеринен таасирленип, ыр жандуу инсан болуп калыптанат.**

**Ал 20 жылдан ашык убакыттан бери ырларын гезит аркылуу элге тартуулап келет. Редакциянын алдындагы "Тамчы булак" адабий ийримдин мүчөсү. 2012-жылы "Жашоо элеси" аттуу китеби чыгып, окурмандардын кеңири чөйрөсүнө тараган.**

### *ЖАШОО НУР, ДҮЙНӨ КЕРЕМЕТ*

Ааламдын жүзү тегерек,
Айланып жашоо керемет.
Салтанат курган өмүргө,
Сараңдык кылуу не керек.

Колдо бар жашоо керемет,
Кордогон жаман тебелеп.
Наркыңды жайган турмушка,
Наадандык кылуу не керек.

Жүрөгүң согуп эркелеп,
Жүргөнүң кандай керемет.
Буйруган эркин жашоодо,
Бузуктук кылуу не керек.

Тазалык бойго себелеп,
Табигат кооз керемет.
Жарыгын чачкан жашоодо,
Жамандык кылуу не керек.

Жашоо нур, дүйнө керемет,
Жаралат адам бир ирет.

Өлчөмү сырдуу өзгөчө,
Өмүрдүн чегин ким билет.

Тунук ой, үмүт жетелеп,
Турмушта баары эленет.
Бактылуу болсоң ыймандан,
Байлыгың ошол керемет.

## *КАДЫР ТҮН*

Алла Таала буйруган ушул күнүн,
Орозонун акыркы он күндүгүн.
Жараткандан ырыскы, ыйман тилеп,
Мен да отурам Кадыр түн тосуп бүгүн.

Оо жараткан, мээримиң төкчү бүгүн,
Жеңилдетчи пендеңин турмуш жүгүн.
Эң биринчи ааламга тынчтык керек,
Эл-журтуңдун байкачы, кандай түрүн.

Тилейм бүгүн жакшы тилек бир өзүңдөн,
Дилим таза окуйм аят сүрөөсүнөн.
Суранарым, пендеңи арылтып кой,
Билип, билбей жасаган күнөөсүнөн.

Жаркыраган ак шамың жагып койчу,
Жакшылыктын тумарын тагып койчу.
Улук экен бул түндүн касиети,
Улукманым көз кырың салып койчу.

## *АРЗУУЛАЙТ АРУУ ТИЛЕГИМ*

Жапжашыл токой бүр алып,
Жашарат мезгил уланып.
Айланып жазга жеткенге,
Адамзат барат кубанып.

Бой салып мезгил убакка,
Жүз чайып мөлтүр булакка.
Жаз жытын кере дем алып,
Жандуулар кирет кубатка.

Табигат кооз жаркырап,
Таң нуру тоого чачырап.
Тоо суусу алга чамынып,
Толкундап агат шаркырап.

Жаз жамгыр сепсе үрөнүн,
Жалындап согот жүрөгүм.
Ала-Тоо шаңга толсун деп,
Арзуулайт аруу тилегим.

## *СУЛУУГА*

Сени сүйдүм бир көрүүдөн жактырып,
Сен карадың наристедей наз кылып.
Серпип кашың, оттой жанган көздөрүң,
Сезимимди уурдап алды азгырып.

Батынбадым сага бир сөз айтуудан,
Сен да мендей жан экенсиң тартынган.
Карегимди, карегиңе байлаган,
Кандай жансың үмүт отун жандырган.

Улутунуп, жалдырасам кыйналып,
Унчукпайсың ууртуңдан жылмайып.
Жомоктогу айдан түшкөн перидей,
Жоодурайсың жоогазындай бой салып.

Ачык асман астында биз сый болуп,
Арзуулаган аруу, үмүт сыр болуп.
Жүзүң тунук мөлтүрөгөн периштем,
Жүрө берчи, жүрөгүмдө ыр болуп...

# Сурмакан ТЕШЕБАЕВА



**Тешебаева Сурмакан Абдыкадыровна 1952-жылы 1-декабрда Кызыл-Үңкүр айылында жарык дүйнөгө келген. 1973-жылы Жалал-Абад шаарындагы педагогикалык окуу жайын ийгиликтүү аяктап, Ноокен районунун Шайдан айылындагы балдар бакчасында 18 жыл үзүрлүү эмгектенет. Фрунзе шаарындагы кыз-келиндер педагогикалык институтунун мектепке чейинки мекемелер бөлүмүн сырттан окуп бүтүрөт.**

**Сурмакан Тешебаева 6 жыл балдар бакчасын жетектеп, калган жылдары усулчу болуп эмгектенет. 2 уулдун бактылуу энеси. Бош убагында ыр жазуу менен алектенет.**

## *КЫРГЫЗЫМ*

Кыргызым – кылымдарды карыткансың,
Кебелбей кыйла жолду арыткансың.
Кыргызым – кыл чокуда туу болсо дейм,
Кыйлага намыс бербей жарыштасың.

Кыргызым – Ала-Тоодой пейлиң кенен,
Сыймыктан ак калпактуу элиң менен.
Жеңип чык, туңгуюктан тайманбастан,
Кызыл Тууң желбиресин желиң менен!

## *РЫСПАЙГА*

Мүрөктүн таза суусундай,
Жүрөктүн жанган нурундай.
Шаңшыган обон, ырларың,
Биз менен бирге Рыспай!

Жаш эле кеттиң Рыспай,
Жазмышта тагдыр ушундай.
Жазылган обон, ырларың,
Жаңыртат элиң унутпай.

Элде жок сенин обонуң,
Түгөнбөйт айтса жомогуң.
Түбөлүк калат ырдалып,
Жүрөктөн чыккан обонуң.

## *АКТИЛЕГИМ*

Ай да чыкты асманда толкуп-ташып,
Шооласынан үйдүн ичи бүтүн жарык.
Уктай кой кагылайын ак балтырым,
Ай дагы сени карайт мээрим чачып.

Карегим – көзүмдү албай тиктейинчи,
Каалаганым бир өзүңдөн издейинчи.
Отурам кадыр түндө бешик термеп,
Уктай кой, мен да көзүм ирмейинчи.

Наристем – күн нуруна окшойсуңбу?
Мээримден чыккан үндү коштойсуңбу?
Анда сен күлүп койсоң мыйыгыңдан,
Толуп чыккан ай нуруна окшойсуңбу?

Тилегимди Кудай өзү берсе экен?
Актилегим чоң жигиттен болсо экен?
Өмүрлүү, ден соолукта, бардар болуп,
Элине ак кызматын кылса экен.

## *ЖАЗ КЕЛДИ*

Жаз келди, жакшынакай жайнап келди,
Жаз келди, дарак бүчүр байлап келди.
Акактай ак шурудан арылышып,
Адамдарга жакшы маанай каалап келди.

Адыр, түздөр ак тондорун чечинишип,
Нурданган жылуулукту айдап келди.
Дыйкандар ак эмгекке камынышып,
Теребел гүлзарларга жайнап келди.

Ынтымак, ырыскыны ыроологон,
Жолдошуң Кызыр болуп жылоологон.
Жаз менен кут-береке кошо келип,
Казаның кайнап турсун булоологон.

## Калыс АЛИБАЕВА



**Алибаева Калыс 1953-жылы Сакалды айыл өкмөтүнө караштуу Аримжан айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келет. Орто мектепти аяктагандан кийин Аримжан айылындагы азыркы Паяз атындагы №9-орто мектепте китепканачы болуп иштеп, эмгек жолун баштайт. 1981–1986-жылдары Кочкор-Атадагы заводдо жумушчу, кийин Ломоносов атындагы жатак мектебинде тарбиячы болуп эмгектенет. 1989-жылдан Ленин-Жол айылында жашап, колхоздо эмгектенет. Азыр ардактуу эс алууда.1 уул, 1 кыздын энеси. Анын ырлары райондук "Ноокен жаңырыгы" гезитинде жарыяланып турат.**

### *КЫРГЫЗЫМДЫН ТООЛОРУ*

Кылымдардын кыйырында арыбай,
Сөөлөт күткөн кыргызымдын тоолору.
Арасында арча, мисте, карагай,
Аска зоока көк мелжиген зоолору.

Миң бир түркүн көрүнүштө жылгалар,
Ташка урунуп агып жаткан суулары.
Ай шооласы көрктөндүрүп нурданар,
Тоолорумдун керемети мындагы.

Дары чөбү, атыр жыттуу абасы,
Жан-жаныбар, токойлорун карачы.
Кэоз жерди мекендеген кыргызга,
Бүт дүйнөнүн түшүп турат назары.

* * *

Жараткандын алдында адам алсыз,
Жар болбосо Кудайым дениң жансыз.
Жүргөнүңө сайрандуу өмүр коштоп,
Ыраазы бол, демек биз тирүү жанбыз.

Пенделик күнүң батса түнүң түшөт,
Байкабай жүргөнүңө арман бүтөт.
Жалганы бул дүйнөнүн эске келип,
Жалгызы – ыйманыңдан дарман күтөт.

## БУЛ ДҮЙНӨНҮН МЕЙМАНЫБЫЗ

Чыкылдаган саатыңдын жебеси,
Мезгилдин көз ирмемин алга сүрөп.
Өмүрдүн табышмактуу зор кемеси,
Убакыт деңизинде толкуп сүзөт.

Адамзат өчпөс күнүн курар беле,
Жыргалы, кууралында бул жалгандын.
Ай дагы бир калыпта турар беле?
Мыйзамы болбосо эгер жараткандын.

Баарыбыз бул дүйнөнүн меймандыбыз,
Акырет тандабастан эшик ачат.
Ынтымак гүлүн берген ыйманыбыз,
Сүйүүсүн аянбастан нурун чачат.

## КЫРГЫЗ ТИЛИМ – БАЙЛЫГЫМ

Мезгилдин закымында тумандаган,
Көрүнүп, же көрүнбөй алда кайдан.
Дилибиз бабалардан аруу ниет,
Тилибиз Эр Манастан мурас калган.

Кыргыз тили мөндүр болуп төгүлгөн,
Куюлушуп аппак бермет көрүнгөн.
Уюткулуу коздугунун сыры бар,
Уккан адам аткан таңдай сөгүлгөн.

Түйшүгү төө көтөргүс салмагынан,
Түгөлдөп пайдаланган анык ээси.
Урпактар урматтабай унуткарсак,
Кудайга жакпаган иш, тиет кээси.

## Махабат УРАИМОВА



**Ураимова Махабат 1956-жылы 16-мартта Арал айылында туулган. №6 Арал орто мектебин 1972-жылы ийгиликтүү аяктап, орто билимге ээ болот. Ошол эле жылы өзү туулуп-өскөн Арал айылына турмушка чыгып, үй-бүлөдө сүйүктүү жар, 8 баланын мээримдүү энеси, 15 неберенин бактылуу чоң эне, тайэнеси.**

**Баатыр эне бош мезгилинде ыр жаза коюп, райондук гезитке жарыялап, окурмандардын сынына толуп келет.**

### *КЫРГЫЗЫМДЫН ЖИГИТТЕРИ*

Кыргызсыңбы, кыргыздыгың актагын,
Адашпагын, жаман жолго баспагын.
Эң биринчи өмүр берип жашаткан,
Асыл затың, Ата-Энеңди барктагын.

Кыргызсыңбы, кыргыздыгың актагын,
Өзүңө улап, инилериң баштагын.
Көчө таптап зыянкечтик кылбастан,
Ак эмгектен баар таап мактангын.

Кыргызсыңбы, кыргыздыгың актагын,
Ак ниеттүү, адал болсун алганың.
Өмүрүңдү улай турган артыңдан,
Так өзүңдөй таза уул баштагын.

Кыргызсыңбы, кыргыздыгың актагын,
Бийик көтөр кыргызымдын байрагын.
Тебелетпе, тикенегин алдырба,
Ата-Журтуң–Кыргызстанды сактагын!

## *АРАЛЫМДЫН ТӨРТ МЕЗГИЛИ*

Кар кетип, күндүн табы жанга жагып,
Дыйкандар топтолушуп, арык казып.
Бак-дарак, кызыл-тазыл гүлдөр ачып,
Жазы сулуу... Аралымдын.

Мөмөлөрүн көтөралбай шагы сынып,
Бак ичинде наристелер кыйкырышып.
Коюндарын алма, өрүккө толтурушуп,
Жайы жылуу... Аралымдын.

Баба-дыйкан терин төгүп мээнет кылып,
Жер-эне берекесин төктү чачып.
Мөмө-жемиш дасторкондун көркүн ачып,
Күзү даамдуу... Аралымдын.

Талаанын иши бүтүп, эл тынч алып,
Жүрүшөт той-тойлошуп, эс алышып.
Токсонунда, чилдесинде муздар тоңуп,
Кышы сонун... Аралымдын.

## *ЖАШООНУН КЕРЕМЕТИ*

Ата-эне өмүрүнүн уландысы,
Калат тура аркасында уул-кызы.
Мен дагы төрөлүпмүн ак сүйүүдөн,
Маймыл жылы, март айынын 16сы.

Күндөр өтүп ай, жылдардын алмашканы,
Балалык кез билинбестен артта калды.
Онду бүтүп, он жетиге толгонумда,
Арзыбектей жигит мени ала качты.

Жаңы турмуш, жаңы үй-бүлө, баары жаңы,
Көнгөнчө кыйынчылык болду баары...
Бактыма алтынга тең кайненем бар,
Өз апамдай сабак болду айткандары.

Турмуштун казанында кайнап-кайнап,
Чоңойттук сегиз перзент өөп, жыттап.
Уулум – ата, кызым – апа болуп калды,
Неберелер өмүрүмө өмүр улап.

Азыр мен балпайган байбичемин,
Абышкама куп жарашат үйдүн төрү.
Сый көрүп күйөө балдар, уул-кыздан,
Ийилип чай сунушат келиндерим.

## *ЫРДЫН ПИРИ – РЫСПАЙ*

Ырларыңды – Рыспай ,
Жүрө албайбыз ырдабай.
Бул дүйнөдө бар бекен,
Рыспайдын ырындай.

Жүрөгүмдөн ойлоном,
Жан дилимден толгоном.
Кадырыңыз эске түшсө,
Түн уйкумдан ойгоном.

Билинбеген эч кимге,
Улутубуз, жашыбыз.
Ырдайбыз дүйнө тургуча,
Рыспай сиздин ырыңыз.

НООКЕН РАЙОНДУК БОРБОРДУК
КИТЕПКАНАСЫ
Инв. № 1983

## Нуралы АБДЫРАХМАНОВ



**Абдырахманов Нуралы 1957-жылы Сакалды айыл өкмөтүнө караштуу Бөбүй айылында туулган. Жаштайынан эле чыгармачылыкка ык коюп, кыял чабыттарынан жаралган ырларын райондук гезит аркылуу элге тартуулап келген.**

**Нуралынын "Жаз мезгили" деген ыр жыйнагы 2012-жылы жарык көргөн, жакында "Күмүш таң" аттуу китеби басмадан чыкты.**

### *КЫРГЫЗ ТУУСУ*

Алоолоном, оттой жанам эл үчүн,
Ала-Тоодой Ата-Журтум, жер үчүн.
Ок боломун чекесине атылган,
Кыргызыма жаман айткан кээ үчүн.

Кыргыз –мекен маңдайыма жазылган,
Бийик дөөлөт – маңдайыма кабылган.
Кара өзгөйлөр жаман ойдо катылса,
Кылыч болом төбөсүнө чабылган.

Нуру тийген асмандагы жылдыздын,
Мен мекенчил баласымын кыргыздын.
Эл, жер үчүн желбиресин жыгылбай,
Көкүрөккө кыргыз Туусун тургуздум!

### *ЫРДАП ЖҮР*

Айылыңдан сен өскөн элес болсун,
Айылдашың, Нукеңден белек болсун.
Ар сабы ырларымдын гүл жыттанган,
Ар убак сага кубат, жөлөк болсун.

Ыргагы ырларымдын ай нурунан,
Ырдап жүр, обон салып кубулжуган.
Эски дос, эстен кетпей бирге жүргөн,
Эстеп жүр, ззелкини унутулган.

Арнадым, ырларымды өзүң үчүн,
Аңдаар деп, ыр төркүнүн эси бүтүн.
Ардактап сен окусаң ырларымды,
Арылаар, ичте арман, өкүнүчүм...

## ӨСКӨН ЖЕР

Улуу бир кыргыз көркөм жер,
Улгайып уулуң өскөн жер.
Топурак, ташың мага алтын,
Төрөлүп алгач көргөн жер.

Керилген керме тоолоруң,
Адырым, аска зоолорум.
Эркелеп өстүм койнуңда,
Энчиме бүткөн коргонум.

Көктөгү жылдыз тумарың,
Көкөлөйт бүркүт, уларың.
Суктанам карап өзүңө,
Көркүңө канбай кумарым.

Эртелеп таңда турамын,
Шарпасын суунун угамын.
Карачы дабаа миң дартка,
Көк кашка мүрөк сууларың.

## БИР ӨЗҮҢӨ

Ак тилек, үмүттөрүм бир өзүңө,
Бир жаным ак сүйүүнүн күрөөсүндө.
Сен үчүн сезимдерим балкып жаткан,
Согуп турган жүрөктүн күнөөсүндө.

Азгырса ай жамалың күнөө кимде,
Айттырган жүрөк сырын күнөө дилде.
Ардактап ак сүйүүсүн келе жаткан,
Ашыктык оту жанган жүрөгүмдө.

Ачкычы жүрөгүмдүн бир өзүңдө,
Айтпасам байкабаган мүнөзүңдө.
Акырын өзүм айтып бермек элем,
Ардагым бир күн калсам түнөгүңдө.

## Калмамат ИСАЕВ



**Исаев Калмамат 1958-жылы 1-майда Ноокен айыл өкмөтүндө туулган. №7-Коминтерн орто мектебинен орто билимге ээ болгондон кийин советтик армиянын катарында кызмат өтөп, 1980-жылдан баштап "Коминтерн" колхозунда инженер, механик, экспедитор жана башка кызматтарда иштеп, учурда жеке ишкерлик кылат.**

**Бош убагында ыр жазууга кызыгат.**

### *ӨЗГӨРТҮП СҮЙҮҮЛӨРДҮН САБАКТАРЫН*

Айылыңа мен акмалап бараар элем,
Күнүгө үйүңдү бир караар элем.
Кусалык жүрөгүмө толгон кезде,
Капилет бир айласын табаар элем.

Шамалга чачтарыңды жая салып,
Артыңды карай бердиң улам барып.
Арнаган ак сүйүүмдү айта албай,
Канча ирет кала бердим эрчип барып.

Тоо этек токойлорду араладым,
Гүл үздүм бирок аны бералбадым.
Асылым айтчы мага ак сүйүүңдү,
Өзгөртүп сүйүүлөрдүн сабактарын.

### *КЕЧ БОЛДУБУ?*

Кеч болдубу?
Күндүн батып калганына,
Арман кылам сага сүрдөп барганыма.
Айталбастан ичимдеги сырымды,
Шылтоо кылып китеп сурап алганымды.

Кеч болдубу?
Уялчаак кез өткөнүнө,
Сүйүп сени бойдок болуп көпкөнүмө.
Көл үстүндө учуп сызып жүргөн элем,
Анча болду ошол көлгө чөккөнүмө.

Кеч болдубу?
Жаздын жыты келгенине,
Ыраазы бол, ата-энеңдин бергенине.
Күндө тилейм, жатаарымда бир ирет,
Сени Кудай, бу дүйнөгө бергенине.

## *КУТ БОЛСУН САГА 50 ЖАШ*

Өзгөрүп өзөндөрдүн аккан суусу,
Жагымдуу, шылдыраган обон күүсү.
Өмүрдүн акыркы бир күнү болсо,
Ошол күнгө азык берип, көңүл бурчу.

Көрүнбөгөн сулуулукту билгим келди,
Жытын жыттап, искеп эле койгум келди.
Дааталуу күн билинбестен өтпөсүн деп,
Белгилеп ушул күндү койгум келди.

50 жаш кут болсун дейм зайыбыма,
Көңүл бөлбө, өткөн-кеткен айыбыма.
Ден-соолук жана өмүр сураар элем,
Жаратканга ыраазымын сени тартуу кылганына.

Элүү жаш куракты сен эми бастың,
Капаланбай артка карап шашпай баскын.
Менин сүйүүм билегиңден байлап алып,
Жүз жаштын аргымагын алга чапсын.

Кусалыкка кумарланып калгым келди,
Бүгүн сенин көңүлүңдү алгым келди.
Ажайып бир жубайым бар экенин,
Кыйкырып мен, элге жар салгым келди.

Таалайлуу бол балдардан баар тапкын,
Небере, чеберени дагы баккын.
А мен болсо жанында жөлөк болсом,
Жашоонун коңгуроосун көпкө каккын.

## *АСКЕРЛЕШ ДОСТОРУМА*

Төп келишип көңүлүбүз бир жерден,
Топтолуштук толук эмес, аз келген.
Отуз төрт жыл убакыт тез өтүптүр,
Мекен үчүн кызмат кылдык чет элден.

Өзгөрдүк, жаштык кезди артка салып,
Акырын аяштарды баштап алып.
Бул өмүр өтмүш экен катташалы,
Чер жазып, өткөн күндү эске салып.

Бир тууганбыз! Биз досторбуз антташкан,
"Отуз беш жыл" юбилей деп мактанган.
Кайрат менен күч-кубатка ишенип,
Камчы уруп, жүз жашты карай аттанган.

## Бактыгүл КАРЫБЕКОВА



**Карыбекова Бактыгүл 1961-жылы туулган. Кыргыз мамлекеттик университетин 1985-жылы бүтүрүп, 29 жылдан бери мектепте мугалим болуп эмгектенет. КРнын Эл агартуусунун отличниги. Азыр Тешебай Орозматов атындагы №8 орто мектебинде соц. педагог болуп иштейт.**

**Жаштайынан эле ыр жазууга кызыгып, мектептеги ар кандай маданий иш чараларды даярдоодо арноолорду келтире жазат.**

### *БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРГӨ*

Балапандай көз алдымда чоңоюп,
Мына бүгүн бой жеттиңер койкоюп.
Жетилүү аттестатын колго алдыңар,
Келечекке, даңгыр жолго кадам коюп.

Кээде урушуп, кээде жүрдүк жарашып,
Болор-болбос бир сүйлөмдү талашып.
Жүрөлүчү кийин дагы балдарым,
Жолугууну чын жүрөктөн самашып.

Кетсеңер да канат кагып ар жакка,
Биз силерди миң мертебе эстейбиз.
Силерге окшош аймончоктой окуучулар,
Ордуңарды басса экен деп эңсейбиз.

## *КУРСТАШТАРГА*

*(30 жылдык жолугушууга арналган)*

Биз жолуктук качанкы өткөн жаштыкка,
Көп жылдан соң бир кайрылып баруу үчүн.
Жүрөктөрдө, сезимдерде, каректерде,
Түбөлүккө жаш болуп калуу үчүн.

Кызык эмес, кимдин канча айлыгы,
Кызык эмес, кимдин канча байлыгы.
Бизге кызык ар бир кымбат курсташтар,
Бактылуубу? Жашоодо ордун таптыбы?

Кызыктырбайт, көйнөгүнүн өңдөрү,
Сагынычка толду бекен көздөрү.
Көздөр көзгө чын жүрөктөн тигилсин,
Кантти экен? Бактылуубу өздөрү?
Муздак, мерез көз караштарды силкип салып,
Отуз жыл мурункудай бир "көңүлү".

## Уланбек ЮСУПОВ



**Юсупов Уланбек 1972-жылы Масы айылында жарык жүйнөгө келген. Жоомарт Бөкөнбаев атындагы №1-орто мектепти 1989-жылы ийгиликтүү аяктап, Бишкектеги Токтогул Сатылганов атындагы улуттук филармониянын алдындагы студиянын эстрада бөлүмүнөн билим алган.**

**Учурда жеке ишкердик менен алектенет. Бош убагында ыр жазууга кызыгат.**

### *УГУП ТУР, УУЛУМ*

Бир сөз айтам уулум сага, угуп тур,
Сөздөрүмө маани берип көңүл бур.
Сыйдаң болот жашоодогу турмушуң,
Абайлап жүр, тайып кетпе жол узун.

Кыйын күндөр көп жолугат билинбей,
Бирде илинсе, бирде көзгө илинбей.
Эси жоктук кылып жүрбө жаштыкта,
Тоскоолдукту жеңип өткүн чегинбей.

Сынайт экен турмуш дагы адамды,
Ташташ керек максат коюп кадамды.
Адашпастан тандап алсаң туура жол,
Кудай дагы колдойт экен андайды.

Канаат кылып чыдап койгун уулум,
Тилегиңе жетишиңе аз калды.
Силерди ойлоп бошоп турат муунум,
Даңгыр жолго койсо экен деп кадамды.

Капа кылба өзүңдү-өзүң ар дайым,
Ачылса экен бул жашоодо ак жолуң.
Бак, дөөлөттү берсе экен Кудайым,
Жашоо – сыноо, тарта көрбө убайым.

## ЫР ЖАЗГЫН

Жөө жүргүн дайым ыр жазсаң,
Жазында жүргүн кыр ашсаң.
Жалкоолук кылбай жазагой,
Жорголуу сөзгө учкашсаң.

Өчпөсүн сөзүң оюңдан,
Түшпөсүн калем колуңдан.
Илхамың келсе ыр жазгын,
Моокуму кансын окурман.

Убайым тартып жазганың,
Тамыры болсун алманын.
Гүлбурак болуп ачылып,
Мөмөсүн берсин ар дайым.

## АТАМ МЕНЕН АПАМА

Бой жетилип мен чоңоюп калганда,
Атам, апам ажырашты карыганда.
Экөө кетти эки жакка көрүнбөй,
Көрүнгөндүн көзүн карайм калаада.

Эми жашоом кандай болот деп жүрөм,
Төрт-беш айда ата-энемди бир көрөм.
Апам жүрөт үшкүрүнүп базарда,
Иштеп жүрөт атам алыс сапарда.

Азыр окуйм мен онунчу класста,
Кана эми, атам-апам жарашса.
Үйгө барып эшик ачып карасам,
Кучакташып мени күтүп алышса.

Мен окуумду бүтөрүмө аз калды,
Кайда барам, таппай калдым айламды.
Билбей калдым кимисине барышты,
Буулугамын, көздөрүмдөн жаш тамды.

Үй-бүлөбүз чачырады төрт жакка,
Үйүбүздү баалап салды сатыкка.

Билбей азыр айла таппай турамын,
Туш болдумбу, мен ушундай жаштыкка.

Атам, апам мен айтканды угушса,
Ажырашуу болмок эмес турмушта.
Санаа тартам: келечегим не болот,
Бактылуу элем, бирге жашап калышса.

## ТҮШҮМДӨ

Түш көрдүм бүгүн башкача,
Түшүмдө өңүм таптаза.
Түшүмдү жooруп отурам,
Татына сөздү тапканча.

Түшүмдө көрдүм кишини,
Байдылда, же Мидинби?
Узатты мага калемин,
Угамын деди кемтигин.

“Сеники болду калемим,
Учтагын эми калемиң” –
деп айтты мага бир адам,
Улайын ырдын кезегин.

## Бактыгүл МАМАДАЛИЕВА



**Мамадалиева Бактыгүл 1972-жылы 15-ноябрда Арал айылында төрөлгөн. Кесиби акушер, Аралдагы үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунда эмгектенет. Буга чейин 3 китеби жарык көрүп, КРнын Улуттук жазуучулар союзуна мүчөлүккө кабыл алынган. Арал айылынын ардактуу атуулу. Рыспай Абдыкадыров атындагы Эл аралык клубдун ардактуу мүчөсү. Үй-бүлөлүү, 3 баланын бактылуу энеси.**

### *МЕКЕНИМ — КЫРГЫЗСТАН*

Көк мелжиген тоолор менен курчалган,
Көлү жатат сулуу кыздай суйкайган.
Мекенимдин топурагын, ташын да,
Ыйык көрүп сактап келет урпактан.

Ала-Тоодой бийик кыргыз калкым бар,
Ак сакалдуу карыларын кадырлаар.
Жалын жүрөк ат жалында ойногон,
Жаштары бар колдон намыс алдырбаар.

Кыйын кезден майышпастан өткөнбүз,
Келечекке пешене тер төккөнбүз.
Кыргызстандын эли өсүп, гүлдөөдө,
Эгемендик атын алып өлкөбүз.

Улуу Манас баатыры бар элденбиз,
Айкөлдүгү, эрдигине сөз жеткис.
Ынтымакта, биримдикте ширелип,
Кыргын, үркүн, кыйындыкта жеңгенбиз.

### *КҮЗ*

Күздүн күнү саргайыңкы бак-дарак,
Баратамын, утур түшөт жалбырак.
Бут түбүндө тепселгенде шыбырайт,–
Катуу баспай, акырын өт адамзат.

Аягансып басып калам акырын,
Бак сырына кулак төшөйм жашырын.
Сырдашкансып тал учтары бириксе,
Кызыккансып жайлай түшөт басыгым.

Сүйлөшөмүн, жалбыракты колго алып,
Кете албастан калгандаймын байланып.
Толкунданып башкача бир сезимде,
Жалгыз жүрөм бак ичинде айланып.

Күздүн күнү куштар сапар тартышты,
Бак-даракка кайыр-кошун айтышты.
Узаткансып жалбырактар артынан,
Ойку-кайкы учуп жерде жатышты.

## *АКЫНДАРДЫН ЖҮРӨГҮ*

Ойлорум окулбаган калың дептер,
Сырларым, жакындарым айткан кептер.
Берметти тереңдиктен издегендей,
Ыр табам ой-санаадан жеңилдетээр.

Сырларын жакындардын ырга айлантам,
Турмушка жат сезилип жашай баштайм.
Өзүмдүн, же бирөөнүн тагдыр жолун,
Бир кылып гурмушума кадам таштайм.

Жаралат жаңы тагдыр ырларыман,
Муну мен тааныгандай жаштыгыман.
Акындар окуй билет жүрөк сырын,
Өздөрү өткөзгөндөй баштарынан.

## *САБЫРДУУЛУК*

Жалган жеңет, чындыкты жемелесе,
Жамандар тыңды көптөп тебелесе.
Оң колумдун ачуусун солдо басып,
Көрсөтпөйм көздөн жашым тегеренсе.

Жалаакорлор жолдон тозсо буттан чалып,
Жамандык ойлогону болуп анык.
Жан ооруса чалынып аксап өтөм,
Үндү катпай жамандыктын алдын алып.

Көшөрүп ичке катам жалгыздыкты,
Көрсөтпөй кубалаймын алсыздыкты.
Көңүлүм эңшерилип таң каламын,
Жалган дүйнө чындыктын эң аздыгы.

## Сабира БАТЫРОВА



**Батырова Сабира Абдирахимовна 1979-жылы Арал айылында жарык дүйнөгө келген. Орто мектепти аяктагандан кийин медициналык окуу жайын бүтүрүп, медицина тармагында эмгектенет.**

**Азыр үй кызматында 1кыз, 2 уулду тарбиялап жатат. Бош убактысында ыр жазуу менен алектенип, жан дүйнөсүн жарып чыккан поэзия ыргактарын эч кимге көрсөтпөй катып жүргөн.**

### *ӨЗ ЭЛИМДИ, ӨЗ ҮЙҮМДҮ САГЫНДЫМ*

Олтурам калемимди колго алып,
Ойлогон ойлорумду бирден калпып.
Сагынган сагынычтын бүт баарысын,
Батырам, ак кагазга бугум жазып.

Бөтөн элде жүрүштөн түк тажадым,
Өзүмдү өзүм алдап жүрүп чарчадым.
Апакемдин, бир туугандын жанында,
Сырым айтып, сүйлөшкөнгө зарыкмын.

Өз элимди, өз үйүмдү сагындым,
Балдарымды бир көрүүгө зарыктым.
Жашоо үчүн пайдубалды курам деп,
Бөтөн элде жүргөндөн мен жабыктым.

### *ТАҢ КАЛАМ*

Айлананы карап туруп суктанам,
Жазбы, жайбы, кыштыгына карабай.
Ар мезгилдин өз-өзүнө жарашкан,
Кереметин көрөм айыл аралай.

Жаз келгенде байчечекей гүл ачып,
Келгин, куштар безеленип сайрашат.
Бүчүр байлап, бак-даракка жан кирип,
Арча жытын айланага тарат.

Жайда жайнайт көпөлөктөр көкөлөп,
Дарбыз, коон, жүзүмдөр да мөмөлөп.
Маңдай терин арчып дыйкан кубанып,
Жашообузда кызыгуулар көбөйөт.

Күз келгенде жалбырактар саргайып,
Жердин бети сары алтынга айланып.
Бүт жергемде түшүм жыйноо башталат,
Аяздуу суук, кыш чилдеге камданып.

Кыш келгенде ак кар каптап айлана,
Тоңдурам деп аяз чыгат шайлана.
Ак тон кийип, арууланып табият,
Жер энебиз уктап жатат жай гана.

## *ӨМҮР*

Өмүр деген – атырылган ок экен,
Өмүр деген – тоодон аккан суу экен.
Өмүр деген – жанып турган шам экен,
Күйүп бүтсө кайра жарык бербеген.

Өмүр өтсө – ал аркага кайтпаган,
Өмүр өчсө – ал кайрадан жанбаган.
Гүлдөй болуп соолуп калса кайра ал,
Тамыр алып, кайра гүлүн ачпаган.

Өмүр деген – жибек болсо жоолуктай,
Өмүр деген – чексиз болсо асмандай.
Жүрөлүчү- бирок жүрөк оорутпай,
Өмүр берген Алла бизге ар кандай.

## *КУСАЛЫК*

Караңгы болду бул дүйнө мага,
Жүрөмүн издеп жеталбай сага.
Жүрөгүм күйүп, ыйладым кара,
Жүрөмүн дале сени эстеп кайра.

Жоодурап көзүм күтөбү сени?
Сен дагы айтчы, күттүңбү мени.
Сагынтпай келчи, кайдасың деги,
Жүрөгүм эзип кетпечи эми.

Кусалык мени жүдөтүп бүттү,
Түбөлүк сени жүрөгүм күттү.
Көздөрүм зарлап, каректер талып,
Тун сүйүүм менин ушундай күчтүү.

# Абдырасул ЖУМАБАЕВ



**Жумабаев Абдырасул Курбаналиевич 1985-жылы 22-октябрда Чаткал районунун Терек-Сай айылында туулган. 1988-жылы Ноокен районуна көчүп келип, 2001-жылы Ж. Бөкөнбаев атындагы №1 орто мектепти аяктап, 2003-жылы кесиптик-техникалык окуу жайын кызыл диплом менен бүтүрөт.**

**Ошол жылдан бери Ноокен райондук электр тармактар ишканасында өз кесиби боюнча эмгектенет. Бош убактысында ыр жазууга кызыгат. 2 уулдун атасы.**

## *АПАКЕМЕ*

"Апа" деген аруу сөздү салмактап,
Айткым келет эч нерсеге ченебей.
Баштан, аяк алтын төгүп койсо да,
Мээрим жоктур эне төккөн мээримдей.

Жүрөгүмдүн төрүндөсүң апакем,
Жан дүйнөңдүн бүт жыргалы бала экен.
"Атам жок"--деп көп жыл бою өкүндүм,
Атам кургур бул дүйнөдө бар экен.

Сиз дегенде жашоом таза сезилет,
Неберeге жүрөгүңүз эзилет.
Сагынасыз кагылайын балам деп,
Көрбөй калсам бир-эки күн капилет.
Ак сүтүңүз актайм деген тилегим,
Аткарууга жан үрөймүн миң ирет.

## *ЖУБАЙЫМА*

Жарык чачкан айым болчу жубайым,
Күндө иштен ашыкчуумун өзүңө.
Күлмүңдөгөн ай жүзүңдү эстесем,
Карап туруп көзүм тойбойт көзүңө.

Сен кыйналсаң мен да кошо кыйналгам,
Кайын-журтту эл сыяктуу сыйлагам.
Россияда бирге иштедик эки жыл,
Эки уул таптык мотурайган, биз анан...

Эч себепсиз ажыраштык биз анан,
Тагдыр деген татаал тура кыйнаган.
Балдар үчүн бардыгына көнүп мен,
Жубайыма кыянаттык кылбагам.

Билсе билээр, бирок анда кеч болот,
Балдарымдын көз жашына ким тойот?
Ошол маалда кимге жаның тартасың,
Өгөй ата өз атадай эч болбойт.

Наристесин кандай жандар эстебейт,
Көрсөм дейсиң, сагынасың "балам" деп.
Жубайымдын жаман сөзү эсимде,
Кайнежемден келдим катуу жеме жеп.
Эч күнөөсүз элиришет жек көрүп,
Акыр бир күн айтышат го аттиң деп.

## *ТҮШҮМДӨСҮҢ КҮНДӨ СЕН*

Түшүмдөсүң бирде жетип, жетпеген,
Таалайыма жазылгандай кыз элең.
Карап туруп кармап колуң ойгоном,
Кайра кирчи түштөрүмө күндө сен.

Карап туруп мага карай басасың,
Кызгалдактай жыпар жытың чачасың.
Жүрөгүмдү жарып кирдиң сулуу кыз,
Жароокерим, эми кайда качасың?..

# Нуржамал АШИРБЕКОВА



**Аширбекова Нуржамал Шайырбековна 1990-жылы 11-августта Рахманжан айылында туулган. 2007-жылы Рахманжан атындагы №13-орто мектепти ийгиликтүү аяктап, ЖАМУнун Эл аралык мамилелер жана дүйнө тилдери факультетине тапшырып, 2012-жылы жогорку билимге ээ болуп чыгат.**

**Эмгек жолун №45-"Беш-Жыгач" негизги билим берүү мектебинде англис тили мугалими болуп баштап, азыр уюштуруу иштери боюнча директордун орун басары болуп эмгектенет. Үй-бүлөлүү, 1 уул, 1 кызы бар.**

## *АТА-ЭНЕ*

Ата-эне эң мээримдүү жан билсең,
Эркелетип саамайыңдан сылаган.
Өмүр бою сени багып чоңойтуп,
Бала үчүн эмне гана кылбаган.

Төрөлүп бул дүйнөгө келгениңде,
Көз ачып көрөрүң да ата-эне.
Кирпигиңе кир жугузбай түйшөлүп,
Адам кылып, багаарың да ата-эне.

Ооруп калсаң бир мүнөткө тынч албай,
Уйку кечип, кошо ооруган ата-эне.
Бакыт тилеп, түнөк таап жайлуу жер–
Өз ордуңа койоруң да ата-эне.

Ата-энеңдин кадырын бил, сыйлай жүр,
Алар өтсө кайра экинчи табылбайт.
Бир күн келип сен да ата-эне болосуң,
Кайталанат, тагдыр сага багынбайт.

## КЫРГЫЗ ЭЛИМ

Кыргызым кылымдарды басып өткөн,
Ажайып жериң кооз, жазда көктөм.
Төрт мезгил – табияты төп келишип,
Элимдин пейилине куп жарашкан.

Ата-бабам жашап келген асыл жерди,
Сактайлы, Кудай берген алтын, кенди.
Жер асты, үстү толо байлыгы мол,
Жараткан кереметтүү жерди берди.

Дайыма бир бололу кыргыз элим,
Кадырын көтөрөлү кутман жердин.
Ала-Тоо, ак калпагың куп жарашкан,
Суктанткан дүйнө элин Ысык-Көлүм.

## БАЛДАРЫМА

Балдарым менин бакытым,
Маңдайга жазган таалайым.
Күлкүңдү угуп силердин,
Көтөрүлөт маанайым.

Тун уулум менин Бексултан,
Кызымдын аты Гүлмайрам,
Урушуп койсоң бирөөсүн,
Бирине-бири жан тарткан.

Бексултаным – чырагым,
Чарчоомду баскан ынагым.
Бир жарым жашар кызымдын,
Бийлесе канат кумарым.

## Тынчтыкбек КЫДЫРОВ



**Кыдыров Тынчтыкбек Маматжанович 1991-жылдын 21-январында Масы айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл-Туу айылында туулган. 2008-жылы №25-Кызыл-Туу орто мектебин ийгиликтүү бүтүрүп, ЖАМУнун экономика факультетинде окуп жатат.**

**Жакында эле Тынчтыкбек жан дүйнөсүнөн жаралган ырларынын алгачкы топтомун "Махабатка сапар" аттуу чакан китеп аркылуу эли-журтуна тартуулады.**

### *КЫРГЫЗ ЖЕРИНЕ*

Өзгөчөлөп кыргыз жерди бөлгөнмүн,
Ата-Журтту актап жүрүп көнгөнмүн.
Ушул сөздү тайманбаймын айтуудан,
Кыргызстанды алтын сыяк көргөнмүн.

Бабаларым жашап келген мекендеп,
«Ата журтум ыйык нерсе»—экен деп.
Кыргыз элим турат дайым түбөлүк,
Кыргызстандын түп-тамырын бекемдеп.
Жүзүм айтат билген ар бир адамга,
Жүрөк согот туулган жерим, Мекен деп.

Көрсөтүп алыстыктын жакынын,
Өнүгө бер келечекке акырын.
Билсең деймин ушул сөздү мекендеш,
Алмаштырбайм бүт дүйнөнүн алтынын.

Табиятың сулуулукка бөлөнүп,
Ымыркайдай жаңы гана төрөлүп.
Ыйык Журтум! Мекен деген муундар,
Асабаны бийик карма, көтөрүп.

Согуп келсе Мекен деген жүрөгүм,
Соолубаган гүлдөр алып жүрөмүн.
Соолук тилеп Ата-Журттун атына,
Сооролбогон наристедей бирөөмүн.
Сонун күндөр жакшылыкка жанашып,
Соңку ырлар жаңырсын деп жүрөмүн.

## *АЛЫКУЛГА*

Элесиң көрбөй капамын,
Ыр менен көлгө батамын.
Ыраактан издеп Алыкул—
Ырларды сага атадым.

Көлүңө такыр барбадым,
Ырыңдын колун кармадым.
Ый менен жазып Алыкул—
Ырларды сага арнадым.

Өчпөсүн сенин ырларың,
Кагазга төккөн сырларың.
Бозоруп турат бул күндө,
Боз атың баскан кырларың.

Тумардай талант тагылып,
Тушалдың ырга кагылып.
Ийилип тизе бүгүлдү,
Поэзия сага багынып.

Кылымда турат даңк алып,
Ырыңды айтам мактанып.
Издериң өчпөс түбөлүк,
Элесиң калды сакталып.

* * *

Ырларыңдын ыкмаларын карыштап,
Ыр чыгарган талант сенде табышмак.
Чыгармаңдын ат салуусун карасам,
Чындыгында Пушкин, Шота калышмак.
Тереӊ пикир себебине келсем мен,
Тээ кыргызым окуп чыкты аныктап.

Бaрактаймын ыр китебиң карыштап,
Баа жетпеген талант сенде табышмак.
Басым күчтүү ыр жазууда карасам,
Бардык кыргыз акындары калышмак.
Ушул пикир себебине келсем мен,
Улуу кыргыз окуп чыкты аныктап.

Эй Алыкул, акындыкта элесиң,
Эбегейсиз күчтөр менен теңесин.
Замандардын сен ырыстуу акыны,
Ысык-Көлдү сунуп бизге келесиң.
Ырасында из кубалап келсек биз,
Ыр дүйнөдө Ала-Тоодой немесиң.

## *КАЙДАСЫҢ*

Табалбай калдым айласын,
Таң атып жарык жайнасын.
Таарыныч такыр басылбай,
Татынам азыр кайдасың?

Карлыгач кушум сайрасын,
Кышында суусу кайнасын.
Карааның күтүп зар болдум,
Кымбатым айтчы кайдасың?

Санаадан чыккан караандай,
Сагындым сага баралбай.
Сабырым бошоп өзүмдүн,
Сагыныч калды таралбай.

Алыска таштап кадамың,
Алсырап күтүп жатамын.
Абайла соккон жүрөктү?..
Акырын сазга батамын.

## *МЕНИН СҮЙҮҮМ*

Мейкин десе оңго карай сол колум,
Менин сүйүүм мрамордой оңбогун.
Тарынычты талкан кылып мезгилде,
Тапчы гүлүм жолугуунун жолдорун.

Күчкө тиреп, жаза калса сол колум,
Күнөөсүздөй менин сүйүүм оңбогун.
Аркалатып аруу, сезим тилекти,
Айжамалым ашыксыздай болбогун.

Сезсең гүлүм сага айтаар жалган жок,
Сенден чыкпайм себебинде аргам жок.
Шүгүр кылчы теңириме тоо гүлүм,
Шуу үшкүргөн арабызда арман жок.

Ырасында сага айтаар жалган жок,
Ыр күзөткөн карегим да талган жок.
Айжамалым ачык пикир аралап,
Аталбаган ырлар сага калган жок.

## Жамгыр МАШРАПОВ



**Машрапов Жамгыр 1999-жылы 12-октябрда Арал айыл өкмөтүндө жарык дүйнөгө келген. Мамаев атындагы №36 орто мектебине 2005-жылы 1-класска барып, азыр 10-класста окуйт. Бош мезгилинде ыр жазууга кызыгат. Анын ырларынан поэзиянын сырдуу кайрыктары байкалат.**

### *ӨМҮР*

Мезгил шашат жылдан жылды калтырып,
Келбейт кайра өткөн өмүр – жаштыгың.
Жыл артынан айлар өтсө чубалып,
Байкабайбыз гүл өмүрдүн аздыгын.

Жаз да кетип, жай да өтүп, күз келди,
Жаштык оту карылыкка жол берет.
Өмүр деген учкан кушпу зуулдап, –
Кээде ушундай жарыгы жок ой келет.

### *МАХАБАТЫМ*

Жаралап жүрөгүмдү бир көргөндө,
Жалындуу көздөрүң арбайт мени.
Сагынып, сени ойлоп уктай албай,
Кыйналдым, сездиң бекен айтчы деги.

Көздөрүң карагаттай жоодураган,
Сендейди эл ичинен таба албадым.
Эңсеймин, элесиңди көргүм келип,
Алгачкы мен жолуккан махабатым.

# СҮЙҮҮ СЕЗИМДЕРИ

Сени гүл дедим – ачылган жаздагы,
Сезимди ойготуп, жүрөктү балкыткан.
Сени нур дедим – кылайган таңдагы,
Сергитип ойлорду, сүйүнүч арттырган.

Сени махабат дедим – сүйүүгө мас кылган,
Саргайтып күттүргөн сары күз маалында.
Сени булбул дедим – мукамдуу үн салган,
Мөмөсү төгүлгөн – саябан багымда.

* * *

Сен менен дайыма жарыктыр оюм,
Сен менен дайыма ачыктыр жолум.
Санаага жол жок жашоомдо жаным,
Сен болсоң эгер жанымда дайым.

* * *

Жүрөгүм согуп турган жаным болчу,
Көңүл чөксө маанайды ачкан жарым болчу.
Таң сүрүлүп, шоола чачкан таңым болчу,
Ысыганда көлөкөлөөр багым болчу...

* * *

Көздөрүң карагаттай сүйүп турам,
Эстегенде жалын болуп күйүп турам.
Сен болсоң сыр бербестен корсойосуң.
Сүйдүрүп, ак сүйүүгө багынбаган.

* * *

Сүйүүнү таттуу дешет—даамы барбы?
Сүйүүнү күчтүү дешет—алы барбы?
Эгерде жаш жүрөгүм жараланса,
Сүйүүнү айыктыраар дабаа барбы?..

## Назира ЭСЕНАЛИЕВА



**Эсеналиева Назира 2001-жылы 5-сентябрда Арал айыл өкмөтүндө төрөлүп, зирек өсөт. Учурда Мамаев атындагы №36 орто мектепте 7-класста жакшы окуйт. Бош убактысында ыр жазууга кызыгат жана өзүнүн балалык кыял менен жазган ырларын элге тартуулагысы келет.**

### *АЙЫЛЫМДЫН АЯЛДАРЫ*

Эмгек менен жер көгөрткөн,
Акыл менен эл көгөрткөн.
Аппак кардай дили таза,
Айылымдын аялдары!

Бала багат уйку кечип,
Тарбиялайт насаат берип.
Үйдүн куту жарык чачкан,
Айылымдын аялдары!

### *КЫРГЫЗГА ТИЙСИН КЕРЕГИҢ*

Кыргызга тийсин керегиң,
Кыргызды сүйсүн жүрөгүң.
Кыргызды дайым ойлосоң,
Тек кетпейт сенин тилегиң.

Кыргыз деп согот жүрөгүм,
Кыргыздын салтын билемин.
Ак кызмат кылып калкыма,
Гүлдөтсөм деген тилегим!

* * *

Улуусуң башка элден,
Сулуусуң башка жерден.
Суктанат көргөн адам,
Мекеним – Кыргызстан!

## *КИТЕП*

Китепти окуп – дүйнө сырын билгиле,
Китепти окуп – жердин жүзүн көргүлө.
Китепти окуп – акын болгун, шайыр бол,
Ал көрсөтөт сага таза, даңгыр жол.

Китеп сени – жаман жолго баштабайт,
Китеп сени – көккө карай алгалайт.
Китеп менен жакын болсоң дайыма,
Көзүңдү ачып, душманыңды дос кылат.

## ЭРКИНЖАН кызы МАРЖАНА



**Эркинжан кызы Маржана 2001-жылы 30-июлда Арал айыл өкмөтүндө жарык дүйнөгө келет. 2008-жылдан баштап мектеп босогосун аттап, азыркы күндө Мамаев атындагы №36 орто мектепте 7-класста окуйт. Бош убактысында ыр жазууга кызыгат.**

### *МЕКТЕБИМ*

Биздин мектеп кандай сонун карачы,
Жаркыраган жаңы мектеп салынды.
Айланасын таза кармап, гүл эгип,
Окуучулар – биз кошолу салымды.

### *КЫШ КЕЛДИ*

Кыш мезгили кирип келди,
Ак мамык кар себелеп.
Кана достор муз тебели,
Бул өзүнчө керемет.

Аяз түштү кыйма-чийме,
Терезэмди саймалап.
Бороон улуп, тызылдатат,
Беттеримди аймалап.

Ар мезгилдин касиети,
Ар башкача сезилет.
Аруулаган айлананы,
Кандай сонун керемет.

### *МУГАЛИМГЕ*

Күндө бизди окутуп,
Билимиңди бересиң.
Ынтымактуу болгула деп –
Насаат кылып келесиң.

Ак, караны билгизген,
Ыйман жолго жүргүзгөн.
Билим кенчи мугалим,
Экинчи атам-энемсиң.

# РАВШАН кызы АДИНА



**Равшан кызы Адина Ноокен районуна караштуу Арал айылында 2001-жылы 17-августта туулган.**

**Ал 2008-жылы 1-класстын босогосун аттап, азыр Мамаев атындагы № 36-орто мектептин 7-классында окуйт. Бош мезгилинде ар кандай мазмундагы ырларды жазып, чер жазат.**

## *АПАКЕМ*

Ай, күнгө тең апакем,
Эч табылгыс берекем.
Бүгүн мына чоңоюп,
Сизди даңктап ырдайм мен.

Апакебай, асылым,
Эң кымбатым, жакыным.
Ченеми жок, баасы жок,
Ак сүт берип бакканың.

Гүлдөй назик жан апам,
Сен бар үчүн жаралгам.
Алдей айтып терметип,
Канча таңың агарган?..
Жолуңду улайм деп тилейм,
Тил тийгизбей артыңдан.

## *КЫРГЫЗСТАНЫМ*

Жаза берсем жетпейт сөздөрүм,
Баарын эмес, көбүн көргөмүн.
Кызганамын башка бирөөнүн,
Кыргызстанга көңүл бөлгөнүн.

Талыкпай эмгектенет менин элим,
Шаңга бөлөп келатат кыргыз жерин.
Келечекте аталардын жолун улап,
Гүлдөтүп, өстүрөбүз кыргыз жерин.

* * *

Кыргызстан – түрдүү кенге бай,
Кыргызстан – көлгө, суугa бай.
Дары чөп, түркүн гүлгө бай,
Эч табылбайт мындай жай.

## *УЛУУ СОГУШ*

Бизди коргоп өткөн ата-бабалар,
Ошондуктан бүгүн жыргал жашоо бар.
Урпактары аны даңктап бараткан,–
Бизди колдойт дайым өзү жараткан.

Улуу согуш эркиндикти жараткан,
Эр жигиттер фашисттерге ок аткан.
“Кара кагаз келди” – деген суук сөз,
Ар бир үйдүн жүрөктөрүн канаткан.

Ошондуктан биз аларды даңктайлы,
Ата-Журтту көз каректей сактайлы.
Тынчтык үчүн, Мекен үчүн ар дайым,
Жакшы окуп, эркиндикти бapктайлы.

## Айбек АЛИМЖАНОВ



**Алимжанов Айбек 1997-жылы Ноокен айыл өкмөтүнө караштуу Рахманжан айылында туулган. Ал азыр Тешебай Орозматов атындагы №8 орто мектебинин 11-классында окуйт. 8-класста окуп жүргөндө ыр жазууга шыгы ойгонуп, ар кандай мазмундагы ырларды жазып жүрөт.**

### *БҮАЙША ЭЖЕКЕМЕ*

Бүгүн сиздин шаңга толуп үйүңүз,
Бул дүйнөгө жарык көргөн күнүңүз.
Мектептеги эне болуп сиз бизге,
Талыкпастан билим берип жүрдүңүз.

Туулган күнүң бүгүн сиздин эжекем,
Ырлар жазып айга, күнгө теңесем.
Канча мактоо, канча ырлар жазсам да,
Акталбайт ко эмгегиңиз ченесем.

Элүү беш жаш курагыңыз кут болсун,
Үй-бүлөдө башыңызга бак консун.
Ар убакта ден соолукта жүргүлө,
Ийгиликтер, жакшылыктар жуп болсун.

### *АСЫЛГА*

Басканың сүйкүм буралып,
Көйнөгүң желге ыргалып.
Туш кылган сендей асылга,
Ичимден калам кубанып.

Көз тигип асман тиктесем,
Жылдыздар көңүл тазартат.

Сүйгөнүм сени эстесем,
Жумулбай кирпик таң атат.

Ардагым сени сагынып,
Ашыктык отун жагамын.
Сүрөтүң карап телмирип,
Сага арнап арноо жазамын.

* * *

Жийде жыты буркурап, көңүл козгойт,
Жүрөгүм эзилип, үнсүз боздойт.
Жароокер сүйгөнүмө жетпей калсам,
Жашоомду түбөлүккө арман коштойт.

# МАМЫТБЕК кызы ГҮЛНУР



**Мамытбек кызы Гүлнур 1997-жылы 4-октябрда Ноокен айыл өкмөтүндө жарык дүйнөгө келген. Азыр Тешебай Орозматов атындагы №8 орто мектебинин 11-классында окуйт. Адабий чыгармаларды, акындардын ырларын көп окуйт. Келечекте кыргыз элинин керегине жараган акын болгусу келет.**

## *СЕН КИМСИҢ?*

Сен кимсиң? Мени мынча арбап алдың,
Тең көрбөй, мени өзүңө чалкалайсың.
Жылуу бир жооп албай өзүң жактан,
Карайлап айлуу түндө жалгыз калдым.

Сен кимсиң? Мени неге ойго салдың,
Сүйүүңдү арнагандан тайсалдадың.
Жазыксыз жан дүйнөм ооруп турат,
Ардагым, арман коштоп муңга салдың.

Сени деп, менин жашоом зарга айланды,
Канатсыз талпынганда айла барбы?
Аргасыз тагдырыма баш ийбеймин,
Себепсиз ойлонгондон пайда барбы?

## *ЭНЕЛЕР*

Энелер – улуксуңар, сылыксыңар,
Жашоодо тумар кылчуу ыйыксыңар.
Турмушка тутка болуп, тукум улаар,
Касиетиң кайдан бүткөн–кызыксыңар?

# Нурзада ТЕМИШОВА



**Темишова Нурзада 1999-жылы Ноокен айыл өкмөтүнө караштуу Беш-Мойнок айылында туулган. Учурда Тешебай Орозматов атындагы № 8-орто мектебинин 9-классынын окуучусу.**

**Нурзаданын чоң атасы жана тайатасы ыр жандуу инсандар болгондуктан, небересинде алардын таланты улантылышы мүмкүн.**

## *ЭҢСӨӨ*

Тагдырга талпынамын куш сыяктуу,
Күнүгө тартсам дагы азап-муңду.
Жашоодо ушунчалык зарыксам да,
Айла жок улантамын өз жолумду.

Жолдорум тайгак болуп бараткандай,
Жамгырлуу күндү коштоп чагылгандай.
Жалгыздыктын торуна оролгонсуп,
Жалгыз аяк жол менен бараткандай.

Каректе жаш катылган жерге тамат,
Жүрөгүм жылуулукту эңсеп барат.
Үмүттүн күн шооласы көрүнгөнсүп,
Күтүүсүз жакшылыкты жүрөм самап.

## *АЖАЛ*

Алып кетет жаш, карыбы санаасыз,
Өлөттүрбүз – анткени биз, адамбыз.
Болсун мейли, бар дүнүйөң, байлык да,
Кармай албайт, ажал келсе ал – алсыз.

Ыйлап келип, бул жашоого теңдешсиз,
Өлөр күндү бир да билбейт экенбиз.
Ажал деген – жаш-карыбы, карабайт,
Укса эгер, токтой турчу демекпиз.

Эртеңибиз эмне экенин билбейбиз,
Тирүү жандын кадырына жетпейбиз.
Өчсө шамы бул дүйнөдөн жалп этип,
Кайгырабыз, өткөн күнүн эстейбиз.

Күч сынашуу кыйын болот ажалга,
Билем сыноо – булар дагы адамга.
Инсан тирүү – эңсей берет топурак,
Ажал келсе – эки метр жер турат.

## Айчолпон ОЛЖОБАЕВА



**Олжобаева Айчолпон 1999-жылы 23-февралда төрөлгөн. Тешебай Орозматов атындагы № 8-орто мектебинин 10-классынын окуучусу.**

**Айчолпон мектепте алдыңкы окуучулардын бири. Кичинекей мезгилинен эле ыр жандуу, адабиятка кызыгат. Жаратылышты, ата-энени, достукту даңазалаган ырлар менен замандаштарына тарбиялык таасир калтыргысы келет.**

### *УЛУУ ДОСТУК*

Көчөсүндө байыркы Оштун кенен,
Тааныштым Наргиза аттуу бир кыз менен.
Ишенбей жал-жал карап мага турду,
Колуңду бер – дос бололу курбум десем.

Неге ишенбей жал-жал карап турасың,
Чынбы ушунуң – деген өңдүү туясың.
Ойлорубуз, бойлорубуз тең экен,
Таанышалы, дос болсом деп турамын.

Кыргыз, өзбек илгертен жашап бирге,
Жакшылык жасап келген бир-бирине.
Дос күтүп, куда күтүп түбөлүктүү,
Жүргөнү чын эмеспи, жалган беле?..

Бир арыктан суу ичебиз дагы деле,
Бир абадан дем алабыз, жалган дебе.
Достуктан ажырашып кетмек белек,
Душман десе кээ бир алсыз жаман пенде.

## *АЙЫЛЫМ*

Бир ууч топурагың алтын баскан,
Асмандагы күн дагы нурун чачкан.
Айылым – ченеми жок сулуулугуң,
Издерим сенде калды там-туң баскан.

Кышында көчөлөрүң ак кар баскан.
Таң эрте күндүн нуру шоола чачкан.
Эч жерди бир өзүңө теңей албайм,
Айылым–сендей жер жок мага жаккан.

# Ак Зыйнат АБДЫРАКМАНОВА



**Абдыракманова Ак Зыйнат 1999-жылы 11-августта Ноокен айыл аймагында туулган. Ал төрт бир тууганды͏н үчүнчүсү. Рахманжан атындагы №13-орто мектептин 8-классынын мыкты окуучуларынын бири.**

**Ак Зыйнат бош убагында сүрөт тартуу менен алектенет. Сүрөт боюнча райондук сынактарга катышып келет. Дагы бир хоббиси ыр жазуу.**

## *МУГАЛИМДЕРИМЕ*

Мен силерди баалайм дайым энемдей,
Билим алам күндөн-күнгө терeңдей.
Биз силерсиз кимбиз? Билбейм маңкуртпуз,
Эмгегиңер өлчөмү чоң ченелбей...

Өмүр тилейм, кадыр-баркың бийикте,
Орноп алган жан дилимде, жүрөктө.
Жан киргизип тартсам деймин чоңойсом,
Өзүңөрдү ырым менен сүрөткө!

## *СИЛЕРСИЗ ДҮЙНӨ ТАР МАГА*

Ата-энем, бактым,берекем,
Эмгегиң зоого тең экен.
Силерсиз дүйнө тар мага,
Жөлөнөөр аскам, көлөкөм.

Атакем иштейт алыста,
Жеталбайм өзүм алыска.
Сагынам бирок айла жок,
Эңсеймин дайым барышка.

Апакем иштейт айылда,
Кыйналса дагы кайыл да.
Амандык тилеп балдарга,
Кыш иштейт, күздө, жайында.

Жашагыла, бактыбызга бар болуп,
Таалайыңа түгөнбөгөн кут конуп.
Тагдырыма ыраазымын жараткан,
Ырысыма турганына нур толуп.

## *БААЛАЙСЫҢБЫ ЫРЫМДЫ?*

Айтсам достор, жүрөктөгү сырымды,
Баалайсыңбы? Же билалбайм ырымды.
Ар кыл сөздөн курaштырып ыр жазып,
Мен силерге айткым келди чынымды.

Ата-Журттун түрдүү жүгүн көтөрүп,
Кете аламбы? Күлүк атка бөктөрүп.
Келечекти өзгөртөбүз жакшы окуп,
Мекенимдин мээрим багын көктөтүп.

Ак-караны улуулардан үйрөнүп,
Биз келебиз өзүңөргө жөлөнүп.
Барды-жокту билбей өсүп келебиз,
Жыргал турмуш, бак-таалайга бөлөнүп.

Мен таарынбайм, баалабасаң ырымды,
Айтам, жазам, түпкүрдөгү сырымды.
Тынчтык болсо жашайм, иштейм, ыр жазам,
Из калтырып, таң калтырып кылымды!

## Жазайым МЫРЗАБЕКОВА



**Мырзабекова Жазайым 2000-жылы Ноокен айыл өкмөтүндө туулган. 2007-жылы Тешебай Орозматов атындагы № 8-орто мектебинин босогосун аттап, азыр 8-класста окуйт. Бош убактысында ыр жазууга кызыгат. Кыргыз акындарынын ырларын окуп таасирленет.**

### *КЫРГЫЗ ТИЛИМ*

Кыргыз тилим – Манас атам сүйлөгөн,
Кыргыз тилим – тамыр байлап гүлдөгөн.
Кечир бизди ургалдашкан бул күндө,
Маңкурт балдар чыкты сени сүйбөгөн.

Кыргыз тилим – барктап сени сүйөмүн,
Бутак жайып, мөмө байлап, бүрдөгүн.
Бүт ааламга таанытасың тил менен,
Кыргыз тил деп өмүр бою күйөмүн.

### *ЖАЗДЫ КҮТӨМ*

Жазда жарыш – эгин, тегин эгилип,
Дыйкан дагы кышы менен зеригип.
Кетмен камдап, арык чаап, жер айдап,
Адыр-түздөр, жашыл-ала семирип.

Жазды күтөм, жаз жамгырын сагынып,
Сүйүү жазы келеби деп зарыгып.
Жаңы ачылган байчечекей гүлүндөй,
Сүйүүм келчи алоолонуп жагылып.

## КАЛДАРБЕК кызы НУРИЗА



**Калдарбек кызы Нуриза 2000-жылы 25-июлда Масы айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл-Туу айылында төрөлгөн. Азыр өзү туулуп, өскөн айылда №25-Кызыл-Туу орто мектебинде 9-класста окуйт. Жаш кезинен эле ыр жазууга кызыгып, улуу акындардын ырларын окуп таасирленип келет.**

### *АТА-ЖУРТУМ*

Ата-Журтум менин ыйык мекеним,
Сыймыктанып койнуңда өсүп келемин.
Келечекте кызмат кылам өзүңө,
Чын дилимден убадамды беремин.

Салкын абаң көңүлүмдү сергитет,
Коодугуң жан дилимди эргитет.
Токойлоруң, кен байлыгың, сууларың,
Мекенимди бүт дүйнөгө таанытат.

* * *

Көз жумганча убакыт да өтүп кетет,
Биз билебиз өткөн жаштык кайра келбейт,
Акыл калчап, мекен үчүн кызмат кылгын,
Шайтан иши эч бир жанга пайда бербейт.

### *Омор СУЛТАНОВго*

Өзү жакшы ата-эне үчүн уулдун,
Ысык-Көлдүн тескейинде туулдуң.
Өмүрүңдү акындыкка бүт арнап,
Поэзиянын сүт көлүнө жуундуң.

Кандуу согуш мезгилинде туулдуң,
Баласы элең азап тарткан муундун.
Анын баарын китебиңден окугам,
Талант оргуп ыр жазууга умтулдуң.

Мен да окуп китебиңден ырларын,
Талдайм анда жазылган ыр сырларын.
Силер сындуу ыр жазууга талпынып,
Поэзиянын кышын келет кынагым.

# ӨСКӨНБЕК кызы АЙЗИРЕК



**Өскөнбек кызы Айзирек 2003-жылы 27-мартта Масы айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл-Туу айылында төрөлгөн. 2008-жылы №25-Кызыл-Туу орто мектебинин босогосун аттап, таалим, тарбия ала баштаган.**

**Азыр 6-класстын мыкты окуучусу. 3-класстан баштап колуна калем алып, ыр жаза баштаган.**

## *ДОС*

Досуң болсо жанында,
Эч коркпойсуң чынында.
Чын дос болгон балдардын,
Алкыш айтам баарына.

Досуң болсо акылдуу,
Жаман жолго жүрбөйсүң.
Дили таза достордон,
Кайгы-капа көрбөйсүң.

## *ЧОЛПОНБАЙ*

Элиң үчүн, жериң үчүн,
Жаның бердиң Чолпонбай,
Эрдик кылдың,–
Улуу Манас бабамдай.
Гүлдөй турган өмүр үчүн,
Жүрөгүңдү тосконсуң,
Жети баштуу желмогуздун,
Миң огун да тоготпой.

## *ЖАЗ КЕЛДИ*

Мына сулуу жаз келди,
Салам айтып жаңырып.
Байчечекей, кызгалдак,
Адырларда ачылып.

Куш келипсиң сулуу жаз!
Бакыт күнүн чакырып.
Биз кубанып ойнойлу,
Жаздын күнүн шат кылып.

Тынчтык бергин сулуу жаз,
Жер айдайлы ашыгып.
Гүл белегим арнайын,
Ата-энеме шашылып!

# МАВЛЯН АБДРАИМОВ



**Абдраимов Мавлян 2001-жылы Сакалды айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл Кыргызстан айылында жарык дүйнөгө келген.**

**Азыр ал өзү туулуп, өскөн айылда Э. Алиев атындагы №11-орто мектепте 8-класста окуйт. Анын алгачкы жазган "Апаке" жана "Жоокер" деген ырлары 2013-жылы "Класс-таш" журналына чыккан. Эми минтип жаш таланттын жан дүйнөсүнөн жаралган ырлар элдин сынына коюлганы турат.**

## *АТА-ЭНЕМ*

Бар болгула ар дайым,
Бактыбызга ата-энем.
Кийим бүтүн, кайгы жок,
Сиздер бизге кең мекен.

Бизди багып өстүрдүңөр,
Балапандай бапестеп.
Акыл, эстүү болгула деп,
Айтасыңар ак тилек.

Ак сүтүңдү актайм апа,
Бар болгула, биз үчүн.
Кадырыңды даңктайм ата,
Адал иштеп эл үчүн.

## *ЭНЕ ТИЛ*

Абалтадан атам "Манас " сүйлөгөн,
Эне тилде бүт ааламды үйрөнөм.
Эне тилдин көтөрө алсак кадырын,
Адам жоктур аны баалап, сүйбөгөн.

## *КЫЗЫЛ КЫРГЫЗСТАН*

Кызыл Кыргызстан туулган айылым,
Түгөнбөйт сенин байлыгың.
Бабалар баскан даңктуу жол менен,
Учугун улаар парызым.

Туулган айылым, көчөңдө бассам,
Рахат алып, ырларды жазам.
Тарыхың сенин өлкөмө тааныш,
Атак-даңк алган аталар дастан.

Кызыл Кыргызстан туулган айылым,
Өркүндөп, өскөн маданий жагың.
Айылдан чыккан аталар турат,
Айкели бизге дем берип дайым.

## *КАРЫНДАШЫМ МАДИНА*

Дүйнөдө бир карындашым,
Кээде менин атаандашым.
Акыл, эстүү кыз бол деймин,
Бир тууганым – Мадинашым.

Жакшы окуп, максатка жет,
Ыймандуу бол, таза, адилет.
Көп болсун досуң өмүрдө,
Кайгы болбосун көңүлдө.

## Мирзаабдулла АБДУРАХМАНОВ



**Абдурахманов Мирзаабдулла ажы 1936-жылы Бүргөндү айылында төрөлгөн. Орто мектепти бүтүргөндөн кийин "КНГ"да жүк ташуучу, слесарь, оператор болуп иштеп, 1963-жылы ОшПИни аяктап, өмүр бою мугалим, РБББдө методист, тарбия иштер боюнча директордун орунбасары болуп иштеген.**

**Тарбиялык маанидеги 5 китептин автору. Бактылуу үй-бүлөнүн кожоюну. Момбеков айыл өкмөтүндө жашайт, кадырлуу ардагер.**

*• Жаштар үчүн тарбия*

## *КИМ КАЗЫНАЧЫ БОЛОТ?*

Кыянат, уурулук көчөсүнөн өтпөгөн, таза инсан элдин ишенимине кирет, урмат-сыйга ээ болот.

Байыркы (азыркы заманда дагы) заманда үлгүлүү адеп, ахлагы менен бир падыша өткөн экен. Кээ бир жаман ойдогу кишилер анын жоош, момундугунан пайдаланып, ага чыккынчылык кылышат. Ал падыша кимди казыначы кылып дайындаса, эч канча убакыт өтпөй эле анын уурулук кылганы аныкталып кала берет. Ошондуктан падыша ынсаптуу, ыймандуу бир казыначы таба албай, кайгырып жүрөт. Бир күнү ирандык бир даанышман келип калат жана ошол адилеттүү падышанын коногу болот. Ошондо падыша көңүлүндөгү максатын ага айтат.

- Эй, улуу мейман, Сиз абдан көп мамлекеттерде болуп, көптөгөн адамдарды сыноодон өткөргөнсүз. Мага ынсаптуу, ыймандуу казыначы таап берсеңиз?

Даанышман көпкө ойлонуп айтат: -Ошондой адамды табыштан оңой иш жок. Бир күндү дайындап, казыначы болууну каалаган адамдарды сарайыңызга чакырасыз, аларды бир-бирден абдан сонун музыка коюлган бөл-

мөдө бийлетесиз. Ким эң жакшы бийлесе, ошону казыначы кылып дайындайсыз.

Чын эле мындан жакшы сынак болбойт. Каалоочулардын саны 64 кишини түзөт. Падышанын жанына кирүүнүн эрежеси боюнча күтүүчүлөр кезек менен киргизилет. Чакырылгандар дагы экинчи бөлмөдө алтын, күмүш, жакут жана башка буюмдар турган каанада бир аз жалгыз күтүп отургандан соң, падышанын кабылдамасына кириш керек болгон.

Ошондо падыша кирген кишинин бийлешин талап кылган. Бийлегенден кийин дагы бир бөлмөдө отуруп, бийлегенинин натыйжасын күтүүсү керек. Казыначы болууну каалаган 64 кишиден 63ү абдан начар бийлеген. Анткени, бийлеп жатып колдору менен чөнтөктөрүн бекитишет.

Падышанын жанында отурган даанышман бийлөөчүлөрдү карап: -Эй ынсапсыздар, уурулар!-деп коёт. Алардын ичинен бирөөсү гана абдан сонун бийлеген болчу. Сынак бүткөндөн кийин падыша ушул сонун бийлеген катышуучуну кучактап, анын казыначы болгону менен куттуктайт. Жаман бийлеген 63 кишини "ууру" деп эсептеп, жазалоого буюрат.

Себеби эмнеде болгон? Себеби ушундай: күтүү бөлмөсүнүн жанындагы экинчи бөлмөгө көптөгөн алтын, күмүш, жакуттар коюлган болчу. Күтүү бөлмөсүнөн чыгарылып, экинчи алтын, зер буюмдары турган бөлмөдө бир аз жалгыз күтүүгө буюрулган чакта ар бири чөнтөктөрүн алтынга толтурушуп алышат. Бийлегенде уурулугу билинип калышынан коркуп, колдору менен чөнтөктөрүн тосуп, жакшы бийлей албай калышат. Эң жакшы бийлеген киши эч нерсе албаган ынсаптуу, ыймандуу адам болгон. Ошол үчүн эч нерсеге кыжаалат болбой эркин, жакшы бийлеген.

Муну менен эмнени түшүнсө болот. Эч качан бирөөнүн байлыгына көз артпай, колу туткак болуп, уурулукка багыт албай жашаса эл алдында да, Кудай алдында да жүзү жарык болот. Жаштарыбыз ушундай жаман адаттардан оолак болсун деген ойдо ушул мисалды сабак катары айткым келди.

## АДАМЗАТТЫН ЭҢ УЛУУСУ МУХАММАД

Америкалык окумуштуу Майкл Харт "Тарыхтагы бири-биринен кудуреттүү 100 адам" – деген китебин жарыкка чыгарган. Адамзаттын тарыхындагы абдан маанилүү ролду ойногон 100 кишини таап чыгуунун өзү тарыхтагы ары кызыктуу, ары абдан көңүл бурууга арзыган окуя.

Бирок, дүйнөлүк прессадагы эң сенсациялуу кабар – ошол тизменин эң башына кимдин чыккандыгы, башкача айтканда Жер жүзүндөгү эң Улуу адамдын ким экендиги аныкталгандыгында жатат. Ошентип, ал эң Улуу адам ким болду экен?.. Жана аны кантип аныкташты?

Майкл Харттын изилдөө ыкмасы төмөнкүдөй болгон: Адамзат тарыхында унутулгус из калтырган улуу адамдардын баары компьютерге киргизилип, алардын талант, жөндөмдөрү, алдына койгон максаттары, ишмердүүлүгү, аткарган иштеринин натыйжасы, жетишкен ийгиликтери... жазылган.

Программаланган ыкма боюнча математикалык анализдөө жолу менен компьютер өзү алардын ичинен адамзат тарыхына эң зор из калтырган 100 кишини автоматтык түрдө бөлүп алган. Албетте, ары маанилүү, ары жоопкерчиликтүү мындай чоң иш абдан көп мээнетти жана далай аракеттерди, эчен маанилүү айларды талап кылган.

Ошентип, акыркы натыйжа келип чыккан: компьютерге бүт маалыматтарды анализдеп, акыркы натыйжаны – эң Улуу инсандын ким экендигин туура аныктап чыгарууга "команда" берилген. Ошондо эч кимге жан тартпас "салкын кандуу" компьютерден чыдамсыздык менен жооп күткөн Харт керектүү түймөнү (кнопканы) баскан кезде экранда: "МУХАММАД Пайгамбар алейхи салам" – деген жазуу чыгат.

Компьютердин мындай тыянак чыгарганы Харттын коллегаларына жакпай калып, экспериментти кайра-кайра бир нече жолу кайталашат. Бирок, натыйжа баягыдай эле кала берет. Харт ийинин куушөп, "Бул тыянакка менин кандай тиешем бар?" - дейт компьютерди көрсөтүп. Бирок, компьютердин жообуна канааттанбай калган ал өзү да ушул эле экспериментти бир нече жолу

кайталайт. Компьютер баягы эле тыянакты кайра-кайра чыгарат: "Мухаммад Пайгамбар алайхи салам" – деген сүйлөм.

Окумуштуулар бул фактыны моюндарына алууга аргасыз болушат. Ушул эксперименттин натыйжасы боюнча Майкл Харт "Жүз Улуу адам" аттуу китеп жазып (Москва. "Веге" басмаканасы. 2000-жыл).

Тизмедеги биринчи орунга Мухаммад Пайгамбардын (с. а. в.) ысымын жайгаштырат. Ал китеп кийин АКШда да басылып чыгат.

Ошол 100 Улуу адамдан Африкалыктар –3, Латын Америкасынан –1, Азиядан – 18, АКШдан – 7, Россиядан -3 (Ленин-15, Сталин-73, Улуу Петр-91), калган 71 Улуу инсандар Европадан.

Экинчи орун – Исаак Ньютонго берилген, Ыса-3 орун, Будда-4 орун, Конфуций-5, Тутенберг-9, Эйнштейн-10, Маркс-11, Постер-12, Галилей-13, Ч. Дарвин-14, Ленин-15, Шекспир-36, Бетховен-42, Микелан жело-49, Сталин-73, Бах-74, Улуу Петр-91, Пикассо-97 орунда турган.

Булардын ичинен окумуштуу аалымдар – 37 адам болгон. Ошол китептен кичинекей үзүндү келтирели: "Мухаммад (с. а. в.) адамзат тарыхындагы дүйнө жашоосунда жана диний турмушта аябагандай чоң ийгиликке жеткен жападан жалгыз адам болуп чыкты. Азыр анын көзү өткөнүнө 14 кылым өткөндөн кийин деле анын таасири теңдешсиз зор боюнча кала берүүдө" – деп анализ берген.

## МАЗМУНУ

Алгы сөз ................3

**Жумалы Максутов**

Эне мээри..............5
Жаныбарлардын кеңеши ................6

**Алибек Жээнтаев**

Бу дүйнөдө ким калат ...8
Ата-журт керек кыргызга ...............10

**Абдумиталип Абдулламитов**

Кереметтүү кыргыз жерим ..................13
Ой берметтери .........14
Адам азиз..............15
Өмүр, жашоо, адамзат ...............16

**Рысбүбү Өмүрбаева**

Балдарыма .............18
Өмүр...................19
Аман жүргүн ата-энеге бел болуп ...............19
Урпактарга ............20

**Жакыбалы Момбеков**

Жашоо нур, дүйнө керемет..................22
Кадыр түн .............23
Арзуулайт аруу тилегим ................23
Сулууга ...............24

**Сурмакан Тешебаева**

Кыргызым..............25
Рыспайга ..............25
Актилегим.............26
Жаз келди .............26

**Калыс Алибаева**

Кыргызымдын тоолору.................27
Бул дүйнөнүн мейманыбыз ...........28
Кыргыз тилим – байлыгым ..............28

**Махабат Ураимова**

Кыргызымдын жигиттери..............29
Аралымдын төрт мезгили...............30
Жашоонун керемети ...30
Ырдын пири – Рыспай..31

**Нуралы Абдырахманов**

Кыргыз туусу...........32
Ырдап жүр..............32
Өскөн жер .............33
Бир өзүңө..............33

**Калмамат Исаев**
Өзгөртүп сүйүүлөрдүн сабактарын .............34
Кеч болдубу? ...........34
Кут болсун сага 50 жаш..................35
Аскерлеш досторума ...36

**Бактыгүл Карыбекова**
Бүтүрүүчүлөргө ........37
Курсташтарга ..........38

**Уланбек Юсупов**
Угуп тур, уулум.........39
Ыр жазгын..............40
Атам менен апама ......40
Түшүмдө................41

**Бактыгүл Мамадалиева**
Мекеним — Кыргызстан ...........42
Күз.......................42
Акындардын жүрөгү ...43
Сабырдуулук ...........43

**Сабира Батырова**
Өз элимди, өз үйүмдү сагындым ...45
Таң калам...............45
Өмүр ....................46
Кусалык ................47

**Абдырасул Жумабаев**
Апакеме ................48
Жубайыма..............49
Түшүмдөсүң күндө сен ..............49

**Нуржамал Аширбекова**
Ата-эне .................50
Кыргыз элим ...........51
Балдарыма .............51

**Тынчтыкбек Кыдыров**
Кыргыз жерине ........52
Алыкулга ...............53
Кайдасың...............54
Менин сүйүүм ..........55

**Жамгыр Машрапов**
Өмүр....................56
Махабатым .............56
Сүйүү сезимдери .......57

**Назира Эсеналиева**
Айылымдын аялдары ...............58
Кыргызга тийсин керегиң...............58
Китеп...................59

**Эркинжан кызы Маржана**
Мектебим...............60
Кыш келди .............60
Мугалимге..............60

**Равшан кызы Адина**
Апакем....................61
Кыргызстаным.........61
Улуу согуш...............62

**Айбек Алимжанов**
Бүайша эжекеме........63
Асылга....................63

**Мамытбек кызы Гүлнур**
Сен кимсиң?.............65
Энелер....................65

**Нурзада Темишова**
Эңсөө......................66
Ажал.......................66

**Айчолпон Олжобаева**
Улуу достук.............68
Айылым ..................69

**Ак Зыйнат Абдыракманова**
Мугалимдериме........70
Силерсиз дүйнө
тар мага ..................70
Баалайсыңбы
ырымды?..................71

**Жазайым Мырзабекова**
Кыргыз тилим...........72
Жазды күтөм ............72

**Калдарбек кызы Нуриза**
Ата-журтум..............73
Омор Султановго.......73

**Өскөнбек кызы Айзирек**
Дос.........................75
Чолпонбай...............75
Жаз келди ...............75

**Мавлян Абдраимов**
Ата-энем.................76
Эне тил ..................76
Кызыл Кыргызстан ....77
Карындашым мадина ..77

**Мирзаабдулла Абдурахманов**
Ким казыначы
болот? ....................78
Адамзаттын эң улуусу
Мухаммад ...............80

ТАМЧЫ БУЛАК *(Экинчи чыгарылыш)*

*• Ырлар жыйнагы*

Редактору: Б. Райимбекова
Техникалык редактор: Б. Атажанов
Корректору: Г. Карабашова

*Жалал-Абаддагы жеке басмаканада басылды. Нускасы 500 даана. Буюртма 150.*

